


А. Н. КОБЛЕНЦ

КОМБИНАЦИЯЛАР ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕЛЕР

А. Н. КОБЛЕНЦ,
СССРдин эмгек сиңирген тренери

КОМБИНАЦИЯЛАР ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕЛЕР

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1986

75. 581
К 55

Кобленц А. Н.

К 55 Комбинациялар жөнүндө аңгемелер /[Котор. Жээнкул Жумалиев].— Ф.: Кыргызстан, 1986.— 72 бет.

Бул китепче шахмат оюнундагы өтө кызык комбинациялар жөнүндө. Окурман дүйнөдөгү эң чебер оюнчулардын айрым партиялары, аны менен кошо алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, кызык-кызык идеялары менен таанышат.

Китепче байыркы акылмандардын оюнуна кызыгуучуларга арналат.

К $\frac{4202000000—93}{М\ 451\ (17)—86}$ 90—86

ББК 75. 581

Которгон *Жээнкул Жумалиев*

© «Кыргызстан» басмасы, 1986. Кыргызчага которулду.

СӨЗ БАШЫ

Шахматтык комбинациялар оюнду баалай билген ар бир адамдын делебесин чыгармачылык кубанычка бөлөп турат. Биз актар менен каралардын үнсүз таймашуусу аркылуу ишке ашуучу эң бир укмуш фантастикалык комбинациялардын кооздугуна суктанабыз.


Татаал комбинациялык идеялардын сырын ачып, өзүнчө бир ажайып дүйнөнү түзүүчү абалына жете алса гана шахматчы өзүн накта художник катары эсептесе болот. Бирок дасыккан оюнчунун деңгээлине көтөрүлчү жол жеңил эмес. Чыдамкайлык жана кунт коюп машыгуунун натыйжасында гана көздөгөн максатка акырындап жакындоого шарт түзүлөт.

Бул китепти окуу аркылуу окурман Ригага барбай эле эң маанилүү комбинациялык идеялар менен Ригалык шахмат клубундагы шакирттеримди тааныштырууга аракет кылган машыгууларыма билинбестен катыша алат. Практикалык оюндарыбызда мен шакирттеримдин жекече машыгууларына өзгөчө чоң маани беремин. Адатта мындай машыгуулар күтүлбөгөн шарттарда өзүн жоготуп ийбей жекече ойлонууга үйрөтөт, экинчиден комбинациялык кыраакылыкты өрчүтүүгө жардамы тийиши мүмкүн.

МЫНА УШУЛ АЖАЙЫП КООЗ, СЫЙКЫРДУУ ДҮЙНӨ...

Кайсы бир жолу журналисттер белгилүү этюдчу жана жазуучу-фантаст Александр Казанцевден «шахматты биз эмне үчүн жакшы көрөбүз деген суроого жооп кайтаруусун өтүнүшкөн болчу.

— Ойго келбеген нерсенин ишке ашып калуу мүмкүнчүлүгү үчүн, айтмакчы ошонусу менен турмушту элестеткени үчүн мен шахматты жактырам. Күчтүү тарапты эгерде начар тарап жеңип алса — ал адамдын акыл-эсине сыйбаган нерсе болору белгилүү го, бирок мындай учурлар шахматта кандай гана көп кезигет! — деп Александр Петрович жооп берген эле.




Куру сөздүү болбос үчүн мастер бизге ФИДЕнин шахматтык олимпиадасында алтын медаль ыйгарылган төмөнкү этюдду талдоону сунуш кылат.

Тапшырманын шарты мындай: жүрүштү актар баштап актар жеңет. Этюддун чечилишин дыкаттык менен талдап көрөлү.

1. e6—e7 ...

Актар жалгыз мүмкүнчүлүктү пайдаланып өтмө пешканы алдыга жылдырды.

1.	...	Фc1—a3+
2.	Лb8—d4!	Фa3—a7+
3.	Крc5 : c4	Фa7 : e7
4.	Кf4 : g6+!	f7 : g6
5.	Cd4—f6+!	Фe7 : f6
6.	Крc4—d5+	Крh4—g5




7. h2—h4+ Крg5—f5
8. g2—g4+ h5 : g4
9. Лb4—f4+! Сh6 : f4
10. e3—e4x

Эки диаграмманы салыштырып көрүңүз, анан сиз ушул фантастикалык этюддун ажайыптыгы эмнеде экенин ошондо туясыз.

Капысынан жаралган идея үчүн актар материалдык көп чыгымдарга дуушар болду. Ладья, слон, ат жана эки пешканы берип салды. Материалдык мындай зор артыкчылык каралардын жеңишин камсыз кылат деп ойлоого болор эле, бирок «кара күч», кооз идеяга баш ийүүгө мажбур болду.

Азыр бир шахмат теориясында комбинация деп аталчу көрүнүшкө күбө болдук. (Комбинация деген сөз латындын «комбинатио», б. а., кураштырылып түзүлгөн структураны бир бүтүн нерсе катары кароого жол берген өзгөчөлүктөрдүн, кубулуштардын, шарттардын белгилүү даражада айкалышы деген түшүнүктөн келип чыккан. П. Романовский.)

Комбинациялар шахматты искусствонун даражасына чейин тенеп турат,— деп айтуу апырткандыкка жатпайт. Ошонусу үчүн орустун гениалдуу шахматчысы Александр Алехин бекеринен төмөнкүдөй деп айтпаган: «мен үчүн шахмат оюн эмес, искусство. Ооба, мен шахматты искусство деп эсептейм жана анын жактоочуларына коюлган бардык жоопкерчиликти да мойнума алам».



А. Селецкий келтирген этюддагы кара король өз жан-жөкөрлөрүнүн арасында мат алып каларын элестетүү да кыйын.

1. Фg1—g5! ...

«Кара күчкө» салып жеңүүгө аракет кылган d7——d8 жүрүшү. Азыр 1...С : : d7 мүмкүн эмес, анткени

2. Kf4! жүрүлөт дагы Ch5+тан коргонууга жол калбай калат.

1. ... Kpf7—e6+
2. Kpf2—g1! Kpe6:d7+
3. Kd3—c5+ Kpd7—c8

3. ...Kpd6 4. Фg3+! Kpd5 5. Cc4+! Kp:c4 6. Фb3+ +Kp:c5 7. Фa3+ жана Ф:f8 жүрүштөрүнөн соң актар өтө кооз жеңишке жетишет.

4. Ce2—a6+ Kpc8—b8
5. Фg5—g3+ Kpb8—a8
6. Ca6—b7+! Cc6:b7
7. Kc5—d7! Фf8—d8

Король менен g1 ге атайы чегинүүнүн максаты эми белгилүү болгондур. Эгерде ак король e1 де турса, каралар 7... Фb4+ деп кетмек.


8. Фg3—b8+!! Фd8:b8
9. Kd7—b6x

Себеби чегинчү жолдун баарын өз фигуралары тороп турат. Бул жерде кара король «камалган мат» деп аталчу мат алып калды.


Каралган этюддардагы актардын негизги жыйнактоочу идеясы королду мат кылуу. Муну менен кошо башка типтеги комбинациялар да учурайт. Алардын максаты — аргасыз абалда калган позициядан кутулуп чыгуу.

Фишер — Решевский

АКШнын — биринчилиги, 1958-ж



Көнүмүшкө айланган 10. f4 жүрүшүнөн кийин каралар 10...K:b3 11. ab d6! деп оюнду улантып пешкалардын борбордук бөлүгүн бузуп жиберсем деген кыязда турган. Бирок өтө натыйжалуу комбинациялык сокку урулуп кетти.




10. Сb3 : f7+! Крg8 : f7

Эгерде 10... Л : f7, жүрүлсө, анда 11. Ке6, кийин ферзь өлөт.

11. Кd4—e6!

Ферзден айрыларына байланыштуу каралардын абалы оордоп калды. Эгерде 11...Кр : e6, болсо анда 12. Фd5+Крf5 13. g4+Кр : g4 14. Лg1+ айтылгандан көп узабай король мат болот.

Комбинацияны ишке ашырып кетүүсүнө актарга шарт түзүп берген коргоосуз кара ферздин абалына көңүлүңөрдү бургула. Мындай комбинацияларды жүзөгө ашыруудагы мүнөздүү шарттардын бири катары душман фигураларынын башка фигуралар менен байланышпай коргоосуз бош туруп калгандыгы эсептелет.



П. Хойекердин этюдунда ак пешка умтулуп өтө эле астыга барып алды, эки жүрүштөн соң ал ферзге айланганы турат. Эгерде актар 1. h7?, деп ойносо, андан кийин 1...e4 жүрүлүп актар жеңе албай калмак.

1. Сd8—a7! ...

Бул курмандык аркылуу актар a=h8 диагоналын көзөмөлдөп турган кара слонду алаксытууга аракеттенет. 1. ... Сd4—c3

Бекер оокатты алууга албөтте болбойт, анткени 1... С : a7? жүрүшүнөн кийин 2. h7 пешканы кармап калуу кыйын.

2. Крc1—c2 Сc3—a1
3. Са7—d4! ...


Актардын жеңишин камсыз кылган парадокс жүрүш.

3. ... Са1 : d4

Эгерде 1...ed, болсо анда 2. Крd3! болуп кийин h6—h7—h8Ф жүрүшү күтүлөт.

4. Крc2—d3! Сd4—a1
5. Крd3—e4!

Қара пешканын жолу тосулду, слон дагы оюндан чыгарылды демек, ак пешка ферзге чыгат.



Г. Матисондун этюдунда четки пешкалар коркунучтуу. Аларды актар токтото албаганы менен патка баруу идеясы жеңилиштен сактап калат.

1. Лb7—b3 f5—f4
2. Лb3—f3 g3—g2
3. Лf3 : f4 g2—g1Ф
4. Лf4—h4+ Крh8—g7
5. Лh4—g4+! Фg1 : g4

Пат!

3...g1Ф ордуна каралар 3...Кe5 деп улантса болмок. Анда 4. Лf5! g1Ф 5. Лh5+Крg7 6. Лg5+! Ф : g5 жүрүлүп кара король дагы деле патка бармак.

Азыр бизге комбинациянын теориялык маңызын аныктоо жагы гана калды.

Курмандыкка байланышкан жана объективдүү пайдага жетүү максатын көздөөчү удаалаштырып-тездетилген вариант комбинация деп эсептелинет.

Комбинацияларда төмөнкүлөр эске алынат:

1. Комбинацияны ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүчү мотив же кырдаал.
2. Комбинацияны ишке ашыруу жолдору — идея.
3. Комбинацня аркылуу жетишилген натыйжанын максаты.

Маселен, алдыга жылдырылган h6 пешка. П. Хойэкердин этюдунда комбинацияны табуудагы мотив болуп эсептелет. Комбинацияны ишке ашыруучу ыкма — (1. Са7) алаксытуу жана е5 теги пешканын жолун тороо.

Биздин практикум

I

Эң алгач ойногон партияцарды эстейсиңерби? Силер анда оюндун эрежесин сактоого гана тырышып, калганын эптеп-септеп ойногонсуцар. Жөпжөнөкөй тактикалык жүрүштөрдү байкабай,

материалдык чыгымга учурагансыңар, «балдар матын» алгансыңар. Бирок ага карабастан эң кызыгы шахматты сиз биротоло таштап койгон жоксуз. Эмне үчүн андай? Балким, сизге жыгач кошуунга каалагандай буйрук кылуу жагы жагып калгандыр. Балким, сизди оюндун деми тартып кетип, анан шахмат оюну өтө эле кызыктуу, чечилбеген сырларга толо экендигине түшүнүп калгандан улам ошондойдур. Алдын ала болжолдоонун өзү белгилүү советтик режиссер Мейерхольд жазгандай, активдүүлүк, динамика, аракеттин өзү.

Такта бетинде комбинацияларды жүзөгө ашыруунун өзү—нукура шахматтык чыгармачылыктын актысы катары саналат. Чындыгында сиз оюндун жүрүшүн алдын ала көрүп-билүүгө тийишсиз, фигураларыңызды максималдуу күч менен айкалыштыра ойнотууга багындыруунуз керек.

Комбинациялык көрө билүүнү алгачкы жылдары «кудайдын белеги» катары санаган ой басымдуулук кылып келген. Бирок тынымсыз машыгуунун, практиканын натыйжасында оюнчунун комбинациялык көрө билүүсү кескин жакшырарын азыркы шахматтык педагогика аныктап койду.


Адеп баштаган ишибизде эле силерге бир нече тапшырманы чечүүнү сунуш кылам. Бирок бул силерге байкоосуздан сунуш кылынып отурган нерсе эмес. Мына ушундай тапшырмаларды чечүү өзүмө жана кийин менин шакирттериме кыска мөөнөттүн ичинде шахматтык көрө билүүнү өнүктүрүүгө шарт түзүп берди. «Баары даяр» тапшырмаларда — силерге мат коюунун кыска жолун табуу керек. Мат болчу жерден атаандашыңдын королу кутулуп кетпес кылып көзөмөлдөө менен чабуул жасоонун жана коргонуунун күчтүү жолдорун табуу жагы гана калат.

Маселенин талдоодо фигураларды ордунан жылдырбай өзүңөрчө ойлонууга аракеттенип көргүлө. Тапшырманы аткарууда төмөнкүдөй практикалык бир кеңештин эске алып койгула:


ар бир тапшырманы өтө тыкандыкта кунт коюу менен аткарууга аракеттенгиле. Машыгуу учурунда душманың менен алышып жаткандай абалга жете алсаң гана өзүңдү өзүң өркүндөтүү үзүрлүү болот. Ар бир жүрүштү жасоодон мурда башталган операциянын жоопкерчилигин эсте тутуу керек. Биринчи машыгуудан баштап, дейди жүрүштөрдү жасабоого көнгүлө.

Мына ошентип, биринчи машыгууну баштайлы. Эки жүрүштүү тапшырмаларда актар баштап каралардын бардык жооп жүрүшүнө (экинчи жүрүштө) мат коет.


Э. Карпентер




С. Лойд




В. Шинкман



Х. Готшал




И. Эйквист



Эми үч жүрүштүү бир нече тапшырмаларды чечүүгө аракеттенип көргүлө. Варианттардын саны улам көбөйүп отурганына байланыштуу булар мурдагыдан татаалыраак.


В. Паули




Ф. Линдгрем



Д. Дитрих



Ф. Линдгрем



ПРАКТИКТИН ЧЫГАРМАЧЫЛ ӨНӨРКАНАСЫНАН

Позициялык оюндун жалпы принциптери менен албетте силер таанышсыңар. Позиция так, конкреттүү, байланыштырылып — тездетилген мүнөзгө ээ болбогон учурда алар оюнчуга план түзүүдө ориентир болуп саналат.

Позициялык принциптер — булар ойлонуп табылган өзгөрүлбөгөн аксиомалар эмес. Алар көп жылдык практиканын негизинде такталган жана текшерилген закон ченемдүү көрүнүш. Аларды туура түшүнүп жана туура колдонуунун өзү фигураларыбыздын потенциялдык күчтөрүн толук пайдаланууга бизге шарт түзүп берет.

Дебютта күчүбүздү тезирээк уюштуруп тактадан

«томуктай» жерди да бербөөгө аракеттенип борборго бийлик кылууга умтулабыз. Эгерде ойноп жаткан тараптардын бири бул принциптерди эске албаса, каршылашы атаандашынын ката стратегиясынан пайдаланууга мүмкүндүк алат. Активдүү тарап артыкчылыкка жетишип (айталы, өнүгүштөгү артыкчылык) комбинациялык сокку жасоого ыңгайлуу шарттарды түзөт.

Маучский — Колиш
Париж, 1878



Баа бере билүү бул тактадагы позициянын абалына коюлган өзүнчө бир диагноз. Анын жакшы жана жаман жактарын салыштырып көрүп, биз белгилүү тыянакка келе алабыз. Диаграммадагы позицияны баалап көрүп, пешкаларга алакысып каралардын өнүгүштөн көп артта калганын байкоо кыйын эмес. Алар королун борбордон алып кетүүгө да үлгүрбөй калды. Бирок, актардын кысымы басаңдаса эле, 14... 0—0 кийин каралар ыңгайсыздыктан арылып, материалдык артыкчылыкты ишке ашырууга мүмкүндүк алат. Ошол себептүү актар фигуралардын өнүгүшүндө бир топ артыкчылыкка ээ болгону менен жандуураак аракеттенүүсү керек.

Дүйнөнүн биринчи чемпиону Вильгельм Стейниц төмөнкүдөй принципти байкаган: Эгерде бир тарап күчтөрүн активдүү жайгаштырса, позициялык артыкчылыкка ээ болсо,— анда ал чабуулга өтүүгө милдеттүү. Антпесе позициялык артыкчылыктан ажырап калышы мүмкүн.

Келтирилген мисалдагы королдун абалынын начардыгы жана рокировка аркылуу ал абалдан кутулуп кетүү ниети —чагылгандай тез комбинациялык соккуну табуунун мотиви катары кызмат өтөдү. Актар акыры туура жолду тапты.

1. Фd4—d8+! Крe:d8
2. Cd2—g5++

Қабатталган шахтын (шахты ак ладья менен слон жасайт) талкалоочу мындай күчү менен силер дагы бир нече ирет кезигесиңер.

2. . . . Крd8—e8
3. Лd1—d8x

Бул мисалды талдоо менен төмөнкүдөй жыйынтык чыгара алабыз:

1. Комбинацияны ишке ашыруу үчүн активдүү тарап позициялык артыкчылыкка ээ болууга тийиш.

2. Чабуулга өткөн тарап комбинациялык сокку болчу жерде үстөмдүк кылып туруусу керек.

3. Чабуулчунун фигуралары өтө жандуу жана өз ара биримдикте аракеттенүүсү зарыл.

4. Эгерде чабуулдун объектиси королго багытталса анда материалдык ири курмандыктарга бара берсе да болот.

Эми шахматчынын чыгармачыл өнөрканасына терең кирээк көңүл буралы. Практикалык партиялардагы комбинациялык мотивдердин башталышынан аягына чейин кандайча түзүлөрүн карап көрөлү.

Оюндун жалпы деңгээли азыркы учурда өтө жогорулап кетти. Ар бир шахматчынын теориялык билими бар, стратегия жана тактиканын элементтери менен да тааныш. Ал жакындап келаткан коркунучту алыстан эле сезе билип, анын алдын алып койгонду үйрөнүп алган. Атаандашынын комбинациялык ойлорун учурунда таап, аны бузуп коюуга жөндөмдүү. «Баары бардыгына белгилүү» болуп калгандыктан, биздин кылымдын жыйырманчы жылдарында эле айтылган шахматтын «тең чыгуу өлүмү» деген ой азыр алдыда тургандай туюлушу мүмкүн. Бирок дегеле андай эмес. Азыркы шахматчылардын партиялары көбүн эсе бир дем (темп) менен чечилчү стратегиялык бай идеяларга, «тикелей качырган» курч күрөштөргө толтура. Мындай оюндарда динамикалык тең салмактуулук деп аталчу позициялар жаралат. Анда атаандашыбызга кээ

бир жецилдиктерди түзүп, өзүбүздү соккуга тосуп беребиз, бирок ага каршы башка мүмкүнчүлүктөргө дайыма ээ болобуз. Мындай стиль советтик көп шахматчыларга мүнөздүү жана ал келечектин стили катары эсептелинет. Шахматчыдан ал кайраттуулукту, күчтүү эркти, шахматтык жогорку маданияттуулукту жана комбинациялык туюмду талап кылат.

Буга көрсөтмө катары 1963-жылы СССРдин жаштарынын биринчилигинде ойнолгон партияны көрсөтөйүн.

Сицилиялык коргонуу

Восканян — Симович


1. e2—e4 c7—c5 2. Ag1—f3 d7—d6 3. d2—d4 c5 : d4 4. Kf3 : d4 Kg8—f6 5. Kb1——c3a7—a6 6. Cg1—g5 e7——e6 7. Фd1—d2.

Азыркы учурда шахматчылар эки тарапты тең курч миттельшпилге жакындатып коюучу тездетилген дебюттук системаларды колдонуп жүрүшөт. Муну төмөнкү партия да чагылдыра алат.

7. ... h7—h6

Бул жерде пешкалык жайгашууну бошоңдотпосо болмок. Эми h6 га жүрүлгөн пешка келечектеги чабуулдун ыңгайлуу кароолуна айланары шексиз.

8. Cg5—e3 Cf8—e7 9. Cf1—e2 0—0 10. f2—f4 Kb8—c6 11. 0—0—0 Cc8—d7 12. g2—g4.



12. ... Kc6 : d4
13. Фd2 : d4 Cd7—c6
14. h2—h4 . . .

Пешкалык чабуулду баштоонун негизги максаты — фигураларга линия менен диагоналды ачып берүү. 7...h6 жүрүшүнүн бөлөк максаты эми билинди. g4——g5 аркылуу позицияны тез эле бузуп жиберүү коркунучун түзүүдө. Бирок каралар оюндун жүрүшүн бай-

коочу катары күтпөй, бор-бордон каршы сокку жасайт. (Бул флангалык чабуулга каршы жасалчу эң ишенимдүү жооп экени белгилүү).

14. ... d6—d5!
15. g4—g5 Kf6 : e4
16. Kc3 : e4

Көрсө, токтоосуз түрдө «g» линиясын 16. gh аркылуу ачуучу стратегиялык планды жүзөгө ашыруунун өзү 16...Cf6! жүрүшүндө эле чагылдырылган экен.

16. ... d5 : e4
17. Фd4—c3 ...

Чабуулду колдоо үчүн ферзди сактоо керек.


17. ... Cc6—d5
18. Ce3—d4 Ла8—c8

Каралар сицилиялык коргонуунун стратегиялык көзүрүн — жарым-жартылай ачылып калган «c» линиясын колдонууга шашылып жатат.

19. Фc3—g3 h6—h5!

Эсте каларлык ыкма. Пешканы курмандыкка чалуу аркылуу каралар линиянын ачылышынан убактылуу кутулат. Мындай абал карама-каршы флангадан каршы чабуулду даярдоого убакытты утуп берет.

20. Ce2 : h5 Фd8—a5
21. a2—a3 Фa5—a4!
22. Лh1—h2 Лc8—c4
23. Cd4—f6! Лf8—c8.



Комбинациялык чабуулдун негизги багытын атаандаштын лагериндеги чабал жерине багыттоо керек. Каралар — ичинен жеңиштин майрамдап жаткандай туюлду. «C» линиясы боюнча алардын чабуулу кыйраткыч мүнөздө болгону менен «g» линиясын бузууга актардын дарамети жетпей турат. Актардын аргасы канча? Эгерде алар көндүм жүрүш боюнча 24. Лdd2 деп коргонсо, 24...Cb4 жүрүлүп ладьянын 25...e3! ге кетиши күтүлөт. Эгерде 24.c3 болсо, анда 24...C : a3! 25. ba Ф : a3+26. Крd2e3+!

27. Крe2 Л : c3 28. С : c3 Л : c3 кийин үч пешкага актардын ладьясы калмак, бирок 29. . . Фa5! коркунучуна жана королдун позициясынын начардыгына байланыштуу каралар утууга тийиш.

Курмандыкка чалуудан кийин шыдыр эле материалды кайтарып алууга же матка алып баруу аркылуу оюнду аяктоого болбой тургандыгы менен, келтирилген вариант мурда каралган комбинациялык курмандыктардан өзгөчөлөнүп турат. Мындай курмандыктардын аягы кандай бүтөрүн так эсептөө кыйын. Ошентсе да биз курман чалуу аркылуу сүрдүү демилгени сактоого мүмкүн экендигине ишенебиз. Мындай курмандыктар, албетте тобокелчиликке байланышкан. Ал тууралу «боолголонгон курмандыктар жөнүндө» деген бөлүмдө сөз жүрмөкчү.

Азыр партияга кайрылалы. 24. С : e7 деп жүрүү да начар, анткени 24. . .Л : c2+ 25 · Крb1 Фc4! 26. b3 Лc1+ 27. Л : c1 Ф : c1+28. Крa2 Лc2 + 29. Л : c2 + Ф : c2 + 30. Крa1 С : b3.

24. b2—b3! Се7 : a3+

Айдан ачык бул жүрүш темпти басандатып, башкысы демилгени колдон чыгарууга алып барат. Эки тарап тең бычактын мизинде турган учурдагы мындай жүрүш чечүүчү мааниге ээ болуп калышы ыктымал. 24. . . Ф : a3+! 25. Сb2 Лc3! 26. Ф : c3 Л : c3 27. С : a3 С : a3+ деп жүрсө туура болмок, анда караларда сапат үчүн алынган пешка жана күчтүү эки слону теңтайлаш оюнду камсыз кылар эле.

25. Крc1—b1 Фa4—b4

Ферз чегинүүгө аргасыз, актар болсо «g» линиясын чечүүчү эффект менен ачууга үлгүрүп калат.

26. g5—g6! f7 : g6

Курмандыкка берилген слонду каралар ала албайт, анткени: 26. . .gf27. gf++. Бул жерде кайрадан бизге тааныш болгон кабатталган шах — король пешка менен ферздин чабуулуна бир учурда дуушар болот.

27. . .Крf8 28. Фg8+Крe7 29. Фe8+! Л : e8 30. feФ+

Крd6 31. Фd8+Крc5 32. Фe7+Крb6 33. Ф : b4 Л : b4 34. Крa2 Лa4 35. Л : d5! болуп, актар жеңишке жетет.

27. Фg3 : g6 Лc4—c7

Атаандаштар орун алмашып калышты.

28. Лh2—g2 Cd5 : b3

Айласыз абал, бирок g7 пунктун коргоого арга жок. Антпесе 28...Фf8 жүрүштө 29. Лdg1 утуп алмак. Эми болсо ферзди курмандыкка берүү аркылуу жыйынтыктоочу маттык комбинация күтүлөт.



29. Фg6 : g7+! Лc7 : g7
30. Лg2 : g7+ Крg8—f8
31. Лg7—f7+! Крf8—e8
32. Лf7—h7+

Каралар багынып берди. Эгерде силер бул партияны кунт коюп талдап көрсөңөр, анда өзүңөрчө төмөнкүдөй айрым жыйынтыктарга келсеңер керек.

1. Коргонууну көп чарпылбай турган каражаттар аркылуу жүргүзүү зарыл. Чабуулду кайтарууга канчалык аз фигура сарпталса, каршы чабуулга өтүү үчүн ошончолук көп күчтү сактап калабыз.

2. Комбинациялык күрөш үчүн түзүлгөн позициялык шарттар — ладьяларды ачык линиялар боюнча активдештирип, башка «аскерлердин түрлөрү» менен өз ара биргелешкен аракеттенүүсүнө ыңгайлаштырылды. «Позициялык оюн — бул комбинацияны ишке ашыруудагы даярдануучу фаза» деген Эмануил Ласкердин пикиринин тууралыгы бул партияда дагы бир жолу ырасталды.

Биздин практикум

II

Кыйла эле күчтүү практик болуп калган көп оюнчуларда шахматтык ойлонуп-туюу талаптагыдай

өнүкпөгөн. Бул жерде биз жасалчу бир канча жүрүштөрдөн кийин тактанын бетинде түзүлө турган алабалды акыл-эсинде элестетүү жагы аларга кыйын,— деген мааниде айтып жатабыз.


Силерге сунуш кылынган көнүгүүлөр өзүнөрчө ойлонтууну өрчүтүүгө көмөктөш болот.

Фигураларды козгобой төмөнкү этюддардагы оюндун жүрүшүн элестетүүгө аракеттенгиле. Позицияны эсиңерде канчага чейин сактап каларыңарды байкап көргүлө. Эгерде позицияны жакшы элестете албай баратсаңар, анда кайра башынан түшкүлө.

Эгерде бул көнүгүү ойдогудай чыкпаса, анда элестетүүгө мүмкүн болгон позицияга чейинки абалды такта түзүп коюп, андан наркысын кайрадан акыл-эсиңерде тереңирээк ойлонуп чечүүгө умтулуп көргүлө.

Акырындык менен мындай маселелерди «бир көз жүгүрткөндө» эле чечүүгө машыгып да, үйрөнүп да каласыңар.

А. Троцкий




Актар жеңет

1. e7—e8Ф Фe4 : e8
2. Фd2—f4+ Крf5—g6
3. Фf4—g4+ Кf7—g5
4. Фg4—h5+!! Крg : h5
5. Кd5—f4x

Мисалда оюндун жүрүшүн элестетүү татаалыраак.

М. Либуркин



Актар жеңет

1. Ла8—a2 Ch2—g1
2. Ла2—g2 Крe4—f3
3. Лg2 : g1 Крf3—f2
4. Лg1—e1 e5—e4
5. Кg7—e6 e7—e3
6. Кe6—c5!! . . .

Эми мындай вариантты байкап көргүлө: эгер 6. Кd4 же 6. Кf4 деп жүрсө, анда 6. . .e2+! 7. К : e2 Кf1! болуп жана Кe3+менен Кf1+деген чексиз шахтан кутулууга жол жок.


Бул вариантты эсиңерден чыгарып эми негизги оюндун жүрүшүнө көз салгыла.

6. . . . e3—e2+
7. Крd1—d2 Кg3—f1+
8. Крd2—c1 Крf2 : e1
9. Кc5 —d3x

Шахматчы варианттарды көңүлүндө гана эсептебестен, жеңишке же тең чыгууга жеткире турган күчтүү жүрүштү ойлоп табуу-га аракеттенүүгө тийиш.

Чечүүчү учурга чейинкисин бирге талдайлы андан наркы жүрүштөрдү өзүнөр (акылыңарда) таап ойногула.

А. Ринк



Актар жеңет

1. Лc5—c7+ Лd8—d7

Бутакталгандарды так эсептегиле:

1. . . . Крd6 2. Фc5+ жана Лe7x.
1. . . . Крe6 2. Фc6+ +Крe5
3. Лe7+Крd4
4. Лe4+Крd3
5. Фc4+Крd2
6. Лe2+Крd1 7. Фc2x


Азыр (1 . . . Лd7 ден кийин) негизги вариантка кайрылгыла.

2. Фe3+Крd8 3. Фc5 деп жүрүү жакшы эмес, себеби 3 . . .Лd5+! тең чыгуу.

2. . . . Крe7—d8

Жеңишке жеткирчү жүрүштү эми өзүнөр тапкыла.

В. Брон




Актар жеңет

1. Фе2—е3+ Крg5—g6
2. Фе3 : е4+ Крg6—g5
3. Фе4—е3+ Крg5—g6

Акыркы тапшырманы болсо башынан аягына чейин өзүңөрчө чечкиле.

Ф. Лазар




Актар жеңет

МАТ КОЮУЧУ КОМБИНАЦИЯЛАР


Мат менен аяктаган комбинацияларды ушундай атап жүрүшөт. Комбинация эгерде туура болсо активдүү тараптын материалдык көп курмандыктарга баруусу айтпаса да түшүнүктүү эмеспи.

Комбинацияны баштаар алдында жыйынтыктоочу маттык позицияны көз алдыга так элестетип эсептеп алуу керек. Ушундай шартта гана биз так жана бир максатка багытталып ойноого жөндөмдүүбүз. Мат коюу идеясына багындырылган комбинациялык башка идеялар дагын көп учурларда маттык комбинациялар менен тутумдаш келет.



Практикада көбүрөөк кезигүүчү төмөнкүдөй комбинацияларды талдап көрөлү.

Шпильман — Ландау
1939-ж. матч



Бул позицияда жүрүш актардыкы. Эгерде 1. . . . Ad7 аркылуу каралар ко-

ролдук флангага атты жакындатып ийсе, күрөш узакка созулуп кетери гроссмейстер Шпильманга даана белгилүү болчу.


Ошентсе да актарда чагылгандай тез сокку ура турган жүрүш бар экен.

1. Ке4—f6+ g7 : f6
2. Фе2—g4+ Крg8—h8
3. Крg1—g2

Каралар багынды. Анткени Лh1× тан кутулууга жол жок.

Атты курмандыкка берүү аркылуу актар королдун пешкалык тосмолорун начарлатууга мажбурлап каралардын коргонуусун бузду. Тегереги такырайып ачык калган королго каршы жасалган ферз менен ладьянын чогуу чабуулу кыйратуучу мүнөзгө ээ болду. Демек, буга окшогон мат коюу комбинацияларындагы алдын-ала даярдалчу ыкма түшүнүктүү — королдун фигуралык же пешкалык тосмолорун курмандык аркылуу бузуу керек. Эгер мындай максат ишке ашса, анда оор фигуралар токтоосуз түрдө урушту аяктап коет.

Скуя — Милейка
Рига, 1965-ж.




1. Лf1 : f6+ Крf7 : f6
2. Лd1—f1+ Крf6—e7
3. Фg3—h4+! Крe7—d7
4. Лf1—f7×

Эгерде жетинчи же сегизинчи (ошого ылайык экинчи же биринчи) горизонталга чыгып алса, анда ладьялар менен биримдикте аракеттенүү өтө талкалоочу күчкө ээ болот.



Султанбаев — Линбарский
Льеж, 1937-ж.



Матка алып келүүчү комбинацияларда атаандаштын королу кооптуу абалда калып каларын силер баамдадыңар го. Эмки кеп анын позицияларын далдалап тоскон объектилерге сокку уруучу жолдорду табууда болуп калат.


Азыркы абалда d7 деги слон коргонуучу маанилүү милдетти аткарууда. Актардын комбинациялык күчтүү соккулары да ошого каршы багытталган. Алардын планы төмөнкүдөй үч бөлүктөн турат: эң мурда курман чалуу менен актар слонду коргоп турган ферзди алаксытат, анан ферзди берүү аркылуу коргоочу акыркы фигура — слонду жок кылат, акырында ладьялар жыйынтыктоочу сокку урушат.

1. Ce2—f3! Фc6 : f3
2. Фe5 : b8+! Лa8 : b8
3. Лd1 : d7+ Крd8—c8
4. Лd7—c7+ Крc8—d8
5. Лg7—d7×.



Дриксна — Страутинь

Кат аркылуу Латвиянын биринчилиги. 1985-ж.



Азыркы жагдайда каралар комбинациялык эки сокку уруу аркылуу өз максатына жетет.

1. . . . Фf5—c2+!

Бул жүрүштүн максаты 1 пунктун коргоп турган ладьяны алаксытуу.

2. Лd2 : c2 Кd4—b3+!

Актар «d» линиясын тез эле бузат. Мындай ыкма «ачык чабуул» деп аталат. Көрсөтүлгөн мисалда чегинип бараткан фигура кандайдыр бир объектиге (биздин мисалда королго) чабуул жасап, башка фигуранын (ладьянын) чабуулуна жол ачат.

Ошентип, бир мезгилде эки фигура менен сокку

урулат жана андан коргонуу бардык учурда арзанга түшпөйт. Бул абалда болсо коргонууга такыр мүмкүн эмес.

3. Сс4 : b3 Лd7 : d1×





Диаграмма да көрсөтүлгөн маттык көрүнүштүн схемасы караларга төмөнкүдөй маттык комбинацияны түзүүгө көмөк көрсөттү.

Элерт — Бол
Рига, 1901-ж.



Каралардын экинчи жүрүшүнө өзгөчө көңүл бөлүп карагылачы. Ферзди курмандыкка берүү аркылуу алар королду кооптуу вертикалга азгырышты. Маттык комбинацияларда көп учуроочу ыкма дагы ушул — азгыруунун курмандыгы болуп саналат.

1. . . . Ке5—g4!




Ферзге жол ачуу менен.

2. f3 : g4 Фd6—h2+ +!!

3. Кр1 : 2 С 4— 2×.

А. Константинопольскийдин
көрсөтмө мисалы



1. . . . Лe3—e1+!

Тосмолоо деп аталчу идея. Актын королу ал талаага өтө албагыдай кылып e1 талаасын тороп коюу маанилүү экени караларга кийин билинет.

2. Лh1 : e1 Фc7 : c2+!
3. Крb1 : c2 Ке6—d4+
4. Крc2—b1 . . .

Каралардын биринчи жүрүшүнүн натыйжасы мына каерде сезилип жатат. Эми Крd1 дешке мүмкүн эмес, анткени e1 талаасын ак ладья ээлеп турат, кийин каралар 4 . . . К:b2× жү-

рүшү аркылуу мат коюп кетет.


4. . . . Ка4—с3+!

«b» линиясын ачууга аргасыз, анткени 5. . . . Кс2× каларына байланыштуу 5. . . Кра 1 деп жүрүүгө болбойт.



5. b2 : c3 Лg8—b8+.
6. Крb1—a1 Кd4—с2×.

Фурман — Клаван
СССРдин командалык биринчилиги, 1964-ж.



Жүрүш каралардыкы. Ак королдун флангасы тарапта коркунуч көбөйдү. Кара үч фигура королду мелжеп калды. Чечүүчү чабуулга өтүүгө кара ладья дагын даяр турат. Ага карабастан каралар алдын ала душманынын королдук флангасын начарлатат.

1. . . . Кh4—f3!
2. g2—g3 . . .

Атты алууга албетте болбойт, себеби 2. gf? Лh6 ж. б.

2. . . . e6—h6

Чечүүчү чабуулга өтүү максатында темпти кетирбей ладьяны которуштурат. Тематикалык мат алып калбас 3 . . . Л : h2× үчүн, албетте 3. gf дешке болбойт.


Слонду байланышка азгырып баруу менен (байланыш жөнүндөгү главаны кара)

3. h2—h3 Лh6 : h3+!
4. Cf1 : h3 Фf4—h6

Сөзсүз качып кутулгус мат.



Поллок — Консультанттар
Буффало, 1893-ж.



Бул абалда караларда материалдык артыкчылык болгону менен анын абалынын начардыгы бир караганда эле көрүнөт. Өнүгүш-

төн каралар артта калды, королу ортодо камалып турат, e6 талаасындагы слондун позициясы да жакшы эмес. Актар болсо ладьяларын чабуулга чыгарып коюшту. Актардын борбордон орун алган ферзи жана аты активдүү абалды ээлеп турушат. Жеңишке жеткирчү комбинациянын актарда болушу да бул жерде кокустук эмес.

Стратегиянын жана тактиканын принциптери жөнүндө Поллоктун атаандаштарынын түшүнүгү тайкы болучу, алардын катуу жазаланып калышы бекеринен чыкканы жок.

1. Фd4—d7+! . . .

Алаксытуучу бул курмандык ладьяга «е» линиясын ачып берет. Өз учурунда ал кабатталган шах аркылуу каралардын королун мат болуучу жерге камап кийирүүгө актарга шарт түзөт. Айтмакчы, комбинациялардагы мүнөздүү бир көрүнүш — калган активдүү күчтөрдүн чабуул коюу жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында фигура же пешка курман чалынат.

1. . . . Се6 : d7
2. Ке4—d6++ . . .

Кабатталган шах жасоонун болгон сыры ушул. Бир эле мезгилде королду эки фигура чабуулга алат. Ал чегинүүгө аргасыз болот.

Абалы оор d8 пунктун коргоп турган слонду алаксытып

2. . . . Крe8—d8
3. Кd6—f7+ Крd8—8c
4. Ле1—e8+ . . . жүрүлөт
4. . . . Сd7 : e8
5. Лd1—d8×

Актардын комбинациясы өтө таасирдүү, бирок анын бир кемчилиги бар. 1. Кg3 жардамы аркылуу актар шыдыр эле утуп алмак. Эгерде максатка жалгыз бир жол жеткирсе гана биз комбинациялардан эстетикалык толук канагаттануунуу алабыз.




Кошумча чечмелөө комбинациялардын көркөмдүк баалуулугун кескин төмөндөтүп жиберет.

Королдун бардык жолун тороп жыйылып калган ка-

ра пешкалардын жардамы аркылуу гана ладья албетте «жеке» мат коет. Сегизинчи горизонталдын начардыгын адатта алаксытуучу курмандыктын жардамы менен пайдаланса да болот.

Бернштейн — Капабланка
Москва, 1914-ж.



Азыр 1 . . . Фb1+ 2. Фf1 Лd1?? деш болбойт, анткени 3. Лс8+. 1. . . . Фb6—b2!


Актар багынып берди. Чечмелөөсүз деле баары түшүнүктүү.

Төмөнкү мисалда актар жолду тороо идеясынын жардамы аркасында женишке ээ болот.


Рети — Боголюбов
Нью-Йорк, 1924-ж.

1. Ch5—f7+ Крg8—h8
2. Cf7—e8!!

Сегизинчи горизонталды слон тороп калды, натыйжада 3. Фf8+тан каралар сактана албайт.



Корчмар — Поляк
1937-ж.



Мага ар бир оюнчунун өзгөчө толкундата турган сүйүктүү комбинациясы бардай туюлат. Бирок жеке өзүнө тиешелүү комбинациянын болушу шарт эмес.

Мага, маселен, Корчмар — Поляктын партиясында ишке ашкан комбинация өтө жагат. Басылып чыккан бардык окуу китептеримден, ошондой эле азыркы китепчеден да бул комбинациядан ажырабай

келатканым үчүн окурман мени кечирип койсун.

Комбинация мындайча айтканда «бомбалык» соккулар менен башталат. Адатта анда жасалган алгачкы үч жүрүштүн ар бири комбинациялык жаңы идеялар менен байланыштуу болот.

Акыркы горизонталь каралардын «талуу жери» болуп турганын байкоо кыйын деле эмес. Ошол себептүү чабуулдун негизги багытын актар ушул горизонталдын коргонуучуларына каршы жөнөтөт.

1. Кd5—b4 . . .

а6 дагы ладьяга жана d6 дагы атка жасалган тике чабуул.

1. . . . a5 : b4
2. Фd4 : d6 . . .

Коргоонуу жок кылуу. Ак ферзь албетте, кол жеткис.


2. . . . Фf5—d7
3. Фd6—d5

Сейрек учуроочу өтө кооз жүрүш. Ферзь мурдагыдай эле кол жеткис абалда калды. f7 деги ладьяны байланыштыруучу «душманды» каралар жок кыла албайт, себеби алар ошол эле мезгилде сегизинчи горизонталды кошо коргоого тийиш. Кара ферзге жүктөлгөн милдеттер көбөйүп, артыкча болуп кетти. Ошондуктан алардын баарын бирдей аткарууга ферздин дарманы жетпейт.

3. . . . Крg8—f8

3 . . . g6 жүрүшүнө карата актар 4. Лge3!


4. Лg3 : g7 Фd7 : d5
5. Лg7—g8+ . . . жүрүшүнүн жардамы аркылуу жеңишке жетмек.



Алаксытуучу курмандык жасоо менен актар оюнду аяктайт.

5. . . . Кр8 : 8
6. Ле1—е8+ Л7—8
7. Ле8 : 8×

Тайманов — Кузьминых
Ленинград, 1950-ж.



Бул позицияда өз ара биримдикте аракеттенүүчү жеңил фигуралар дагы мат болчу торду аеосуздук менен даярдап жатышат.

1. Ке5—g6! жүрүлсө Кf6—h7 аргасыз, анткени караларга 1...fg дешке мүмкүн эмес, себеби 2. С : e6+ кийин С : c8.

2. Ле1 : e6! f7 : e6
3. Фh4 : d8+! ...

Бул бизге тааныш болуп калган алаксытуучу идея.

3. ... Фc8 : d8


3... Кf8 бекеринен убакытты сөзуучу каршылык көрсөтүү



4. Ch3 : e6×.

Келтирилген кийинки мисалда актардын комбинациясынын мотиви катары маттык башка схема кызмат кылат.

Штейн — Портиш
Стокгольм, 1962-ж.



1. Кf5 : g7! Се6 : c4
2. Cg5—f6!

Комбинациянын өзөгү ушу

3. Кf5+Крg8 4. Кh6× деп коркутуп турат.

2. ... Сc5—e7
3. Фе 2—f3!

Каралар багынып берди, анткени 4. Кh5+ тан коргонууга жол жок.

Мат коюучу комбинациялар дегеле көп, алардын баарын талдоо гана эмес, эскерүүгө чама жетпейт. Ошентсе да аларды кандайча кылып түзүүнүн негизги ыкмалары менен тааныштык го деп ойлойм. Мындай комбинациялар менен силер практикумда дагы кезигесиңер.

Биздин практикум


III

Коргонуу мүмкүнчүлүктөрүн чектөөгө аргасыз кылган кубаттуу каражаттардын бай арсеналы демейде активдүү тарапта болоруна көзүнөр жеткендей эле болду го. Мындай шарт варианттарды эсептөөнү


кыйла жеңилдетет. Маселен, шах айтуучу ар бир жүрүш, атаандашты ошол жүрүштү гана эске алууга аргасыз кылат, анткени королду сөзсүз түрдө шахтан коргоо керек. Булар менен кошо мат болуу коркунучу, бир мезгилде эки объектиге чабуул жасоо, ылдамдатылган алмашуулардагы варианттарды тандоону өтө чектеп коет. Акырында курмандыкка берүүлөр силер көрүп тургандай ал оюнга конкреттүүлүктү жана тездетилип — удаалаштырган мүнөздү ыйгарат.

Атаандашыңарды өз эркиңерге моюн сундура турган комбинациялык күрөштүн ыкмаларын белгилүү даражада үйрөнөсүңөр, анда төмөнкүдөй тапшырмаларды чечүүгө да кудуретиңер жетет.


Риго — Сапи
Венгрия, 1967-ж.




Чигорин — Зноско — Боровский
Киев, 1903-ж.




Сахаров — Черепков
Алма-Ата, 1969-ж.




Зелевинский — Березин
Москва, 1957-ж.




Ауэс — Ышкыбоз
Берлин, 1932-ж.




Де Рой — Краббендам
Бевервейк, 1965-ж.



Тарраш — Шлехтер
Матч, 1911-ж.



Боголюбов — Монтичелли
Сан-Ремо, 1930-ж.



Акыркы мисалдан башкасынын баарында жүрүш актар тарапта.

МАТЕРИАЛДЫК АРТЫКЧЫЛЫККА ЭЭ БОЛУУ ҮЧҮН ТҮЗҮЛГӨН КОМБИНАЦИЯЛАР

Мындай комбинациялардын басымдуу бөлүгү кабатталган сокку жасоо идеясынын негизинде түзүлгөн. Анда фигура же пешка бир эле мезгилде эки коркунуч-ту түзүп турат. Мындай соккунун бири көбүн эсе атаандаштын королунун позициясына каршы багытталат.


Кабатталган соккунун мү-

нөздүү схемаларын көрсөтөлү. Сөздү аттардын кабатталган соккусунан же аларды ат чалмасы деп аталчу нерседен баштаганыбыз да бекеринен эмес.

Нукура өзүнө мүнөздүү жүрүштөрү менен душмандын аты шахмат оюнун жаңыдан үйрөнө баштаган оюнчуга көп машакаттарды алып келери шексиз. Мына ошонусу үчүн көпчүлүк оюнчулар аттарды эртерээк алмаштырып жиберүүгө ашыгышат. Албетте, андан көрө аттын «айлакер» мүнөзүн үйрөнүүгө умтулуу дурус болор.

Аттардын кабатталган соккусу — өтө натыйжалуу жана капысынан болот.

Г. Левенфиштин анализи



1. Фc2 : g6! ...

Кубаттуу биринчи «аккорд» менен башталган комбинация ат чалмасы менен аяктайт. Бул жүрүш эки милдетти аткарат: f7 пунктун алсыздандырат, «h» линиясын ачып берет.

1. h7 : g6
2. Сc4 : f7+! ...



Ладьяны f7 пунктуна азгыруу аркылуу

2. ... Лf8 : f7
3. Лh3 : h8+! ...

Королду h8 талаасына азгырып барып ладьяны аны коргоодон алаксытат.

3. ... Крg8 : h8
4. Кg5 : f7+ кийин болчу Кf7 : d6

Рети — Тартаковер партиясынан вариант

Нью-Йорк, 1924-ж.

Келтирилген мисалда өтө



кооптуу талаага кара фигуралар эки ирет азгырылат.

1. Лd8—d6! Фe6 : d6

Биринчи азгыруу


2. Фf3 : g4+ Крg6—h7
3. Фg4 : g7+ Крh7 : g7+

Экинчи азгыруу

4. Кe3—f5+ кийин болчу Кf5 : d6 жүрүшү менен.

1. К : g4? дешке болбойт, себеби 1 . . . Фb6+ жана Ф : d8.

Боголюбов — Алехин
Гаага, 1929-ж.



Ат чалмасынын жардамы менен, актар оюнду жөнөкөйлөштүрүп, аны утуш нугуна салууга жетишет.

1. Лc1 : c7+! Фb6 : c7
2. Кd3—c5+ Крd7—b6

Эгерде 2. . .Крb8 деп жүрүлсө, анда 3 Ка6+.


3. Фd7 : c7+ Крb6 : c7
4. Кc5 : e6+.

Аттын кармалбастыгын күлкү келтирерлик төмөнкүдөй позиция көрсөтүп турат.



Кабатталган сокку уруудагы ферздин кызматын өзгөчө түшүндүрүү талап кылынбайт, анткени ал ладья менен слондун жүрүштөрүн бириктирип турат.





Алехин — Тартаковер

Кечкемет, 1927-ж.

Тематикалык кабатталган соккудан мурда бир кыйла оор даярдык болду:

1. Кf5—h6+! g7 : h6
2. Сd3 : h7+ . . .


Бул өзү тике чабуулга өтүүгө мүнөздүү позиция.

2. . . . Кf6 : h7
3. Фc4—g4+ Крg8—h8
4. Лd1 : d8 Ле8 : d8

Каралар ферзь үчүн көп материал алганына карабастан актар ладья менен слонго жасалган төмөнкүдөй кабатталган соккунун жардамы аркылуу өзүнө артыкчылыкты камсыз кылат.


5. Фg4—e4! Кb8—c6

Андан соң 6. Ф : c6 Сf8 7. Кf5 Сc4 8. С : h6 Сd5 9. Фc7 Лac8 10. Фf4 Лc6 11. С : f8 Л : f8 12. Фe5+ Кf6 13. Кd6! Каралар багынды.



Таль — Коларов

Рейкьявик, 1957-ж.



Күчтөрдү эсептегенде ригалык оюнчунун айрым курмандыктарды берүүгө «үлгүрүп» калганы мындан байкалып турат, бирок актарда кооптуу демилге калды.

1. Фd6—d5! Ла8—a7
2. Кe7—g6+ Крh8—g7

Кабатталган сокку. Албетте, 2. . .hg деп жүрүүгө мүмкүн эмес, антсе эле 3. Лh3+ жана Ф : a2 ачык чабуулга өткөнү турат.


3.	Кg6 : f8	Крg7 : f8
4.	e4—e5!	Кd7 : e5
5.	Фd5—c5+	. . .

Эми кабатталган соккуну ферзь урду.

5.	. . .	Крg8—g8
6.	Фc5 : c8+	Крf8—g7

7. f4 : e5 жүрүлүп, бир нече жүрүштөрдөн соң каралар багынып берди.

Юдович — Чеховер
Ленинград; 1934-ж.




b8 деги ладьянын коргоосуз турганы актарга төмөнкүдөй комбинацияны ишке ашырууга шарт түздү.


1.	Cd5 : f7+!	Фf6 : f7
2.	Лd4—d8+	Крg8—g7
3.	Фb3—c3	Фf7—f6

Түзүлгөн коркунучка жооп кайтаруунун жалгыз жолу 4. 4f.

4. Фc3—c7+ кийин жүрүлө турган Ф : b8 жүрүшү менен.



Рети — Алехин
Бадан-Баден, 1925-ж.




Кабатталган кооз сокку уруу аркылуу Алехин партияны аяктайт.


1.	. . .	Лe3 : f3
2.	Лd2 : e2	Кe5—g4+
3.	Крh2—h3	Кg4—e3+
4.	Крh3—h2	Кe3 : c2
5.	Cg2 : f3	Кc2—d4

6. Ле2—f2 Ке5 : f3+
7. Лf2—f3 Се6—d5!!

Актар багынды.



Алехин — Боголюбов
1929-ж. Матч




1. Ле1 : e7+! Лd7 : e7
2. Cf2—h4 ...

Караларды кооптуу абалга такап койду. Бул жерде 2...Лed7 деп жүрүүгө болбойт, анткени 3. С : d8 Л : d8 4. Лc7+кабатталган сокку менен слонду утуп кетет. Антпей 2...Лde8 десе, анда 3. f6+! деп пешкалык чалма болору шексиз.


2. ... Крg7—f7
3. Ch4 : e7 Крf7 : e7
4. Лc1—c7+ Лd8—d7
5. f5—f6+ Кре7—e8
6. Cd3—g6+ Кре8—d8
7. f6—f7. Каралар багынды.

Кикович — Форинтош
Венгрия, 1957-ж.



1. Лc : c8+! Ла : c8
2. d6—d7! Крd8 : d7
3. Cf3—g4+ Крd7—c7
4. Cg4 : c8. Актар ашыкча сапат менен калды.

Блау — Доннер
1958-ж.




1. Лd1 : d6! Фа6 : d6

2. f4 : e5! жүрүшүнөн кийин бул чалманы жоготууга ферздин күчү жетпей калары анык болду, себеби 2...Ф : e5 3. Cf4 жүрүшүнөн соң ферзь туткундалат.

Жыйынтыгыбызда эң күчтүү фигура — ферздин кантип колго түшөрүн карап көрөлү. Колго түшүүнүн негизги ыкмасы — бул ферздин чегинүүчү бардык жолдорун тороп коюу.

Мындай нерсени күтүлбөгөндөй тездик менен актар төмөнкүдөй партияда ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алды.

Либерман — Иоффе
Классификациялык турнир, 1961-ж.



1. Kd4—e6! Cg7—f8

Ошентип, кара ферздин чегинчү бардык жолун тороп коюуга ак аттын күчү жетти. Эми жыйынтыктоочу акыркы сокку уруу жагы гана калат.

2. C : c6+ жана Ф : a5 байланыштуу 1. . .C:e6 деш болбойт.


2. b2—b4 Kc6 : b4

Айла түгөнгөндүк. Дагы 17. C : d7+ Kp : d7 18. K : f8+ Лh : f8 19. Ф : a5 жүрүштөрү жүрүлдү.


Биздин практикум

IV


Морфи — Божье
Париж, 1858-ж.




Нимцович — Алехин
Петербург, 1914-ж.




Кофман — Сонетти
1949-ж.




Беккер — Юнг
Бенсхайм, 1948-ж.




Ломая — Холмов
1961-ж.




Тайманов — Лисицын
Ленинград, 1948-ж.




Волкевич — Лысков
Москва, 1958-ж.



Фюштер — Балог
Будапешт, 1950-ж.



Свидерский — Маршалл
Нюрнберг, 1906-ж.



Акыркы тапшырмалардан башкаларында жүрүш актардыкы.


Акыркы диаграммада көрсөтүлгөн позицияда, силерге төмөнкүдөй — 1...Ф : g2+? (2. Кр : g2 Кe3+ жана К : d1) жүрүштөрү аркылуу каралар пешка ута алабы? — деген суроону чечиш сунуш кылынат.

ТАКТИКАЛЫК ТҮРДҮҮ ЫКМАЛАР

Ачык чабуул


Бул темага биз алдыда токтолгонбуз. Фигуранын же пешканын жүрүшү аркылуу башка фигуранын соккусуна жол ачылса, анда мындай соккулардан коргонуу жагы жеңил болбостугун баамдап калдыңар го.

Жаңы ойноп жүргөн оюнчулар ачык чабуулду, маселен орус партиясынан жолуктура алат. Эгерде 1. e4e5 2. Кf3 Кf6 3. К : e5 жүрүшүнөн кийин каралар шашып 3...К : e4 деп жүрсө, актар анда 5. Фe2 Кf6 6. Кc6+ деп улантуу менен «е» чегинен атты алаксытып алып кетип шах гана айтып жөн болбостон, ферзге кошо кол салат.



Силерде мындай нерсе болбойт ко деген үмүттөмүн.

Трифунович — Аорон
Бевервейк, 1962-ж.



Актар кыйратуучу сокку урду.


1. Cd5—g8.

Каралар багынды. Анткени 2. Фh7х же 2. Л : d8 жүрүшүнөн сактанууга жол жок. Каралар эки чабуулдун мизин кайтара албады.

Ачык чабуулдан сактай турган бир гана Шахка байланышкан аралык жүрүш бар. Эгерде бул позицияда f2 де пешка турбаса, 1. . .Л:d2+ ка байланыштуу 1. Cg8 жүрүшү начар жүрүш болмок.

Злотник — Васин
Москва, 1962-ж.

Ладьяга жана h7 пунктуна чабуул жасоо менен 1. Кf3—g5!... жүрүлөт. Е3 деги ладья е8 пунктун ача албайт, ошол себептүү



ферзь былк этпей бекем турат.

1. ... f6 : g5

Башка түшкөн балээлердин жеңилин тандоо максатында

2. Ле : е3 Ле8 : е3
3. Фh3 : e3 Кd7—f6
4. Фе3—е8+!


Алаксытуучу курмандык 4. ...К : е8 деш мүмкүн эмес, себеби 5. Лf8х жүрүлүшү ыктымал. Каралар багынды.

Биздин бул теманы даана-лап көрсөтүүдө төмөнкүдөй мисал да мүнөздүү.

Басюка — Барца
Москва, 1962-ж.

1. Кd7—f6+! Крg8—h8

2. Лg4+Крh8 3. Ch6 Ф : a1 4. Ф : f7 натыйжасында



1. gf га өтө кыйын болду, эми каралар маттан кутула албайт. Королдун чегинүүсүнөн кийин деле актар кабатталган чабуулдун жардамы менен жеңишке жетишет.


2. Cc1—h6! Фd1 : a1
3. Фc4 : f7 Лd8—g8
4. Ch6 : g7+!

Каралар багынды. 4. ... Л : g7 жүрүшүнөн кийин 5. Лe8+! деп токтоосуз оюнду аяктап коет.

Комбинациянын темасы — алаксытуу

Мындай комбинациялар практикада өтө көп учурайт. Биз аларды бул китептен бир эмес бир нече ирет көрдүк. Буга окшогон комбинацияларда курмандыкка чалуу аркылуу активдүү тарап душманынын күчтөрүн маанилүү пункттарды коргоодон алаксытат.

Бывшев — Толуш
Ленинград, 1954-ж.



Ак ферзь маанилүү кызматты аткарып, королду маттан сактап турат. Комбинациялык жол менен каралар ферзди c3 пунктун коргоодон алаксытууга аракет жасашат.


1. ...Фb8—a7!

Актар жеңилди. Алардын бактысына жараша ферзь c3 пунктун коргоо менен d4 талаасына гана чегиниши мүмкүн, бирок анда g1 дегн ладья соккуда калат.

Алаксытуунун жаап-жашырылган идеясы төмөнкү мисалдан көрүнөт.

Геллер — Портиш
Москва, 1967-ж.

1. Cc1—g5! Фe7—d7



Келечектеги 2. Kg6 карата 1...hg, 2. Ф : f7+ жана Фg8х карата Ф : g5 деген жүрүш жасоого мүмкүн эмес.

2. Ла1—d1 Cf8—d6
3. Cg5 : h6! g7 : h6


Актардын негизги максаты мына азыр гана ачылып отурат. Алар f7 деги пункттун начардыгын пайдаланып, f8 талаасындагы слонду алып кетүүгө караларды мажбурлоосу керек болучу. 3. ...К : b3 жүрүшүнө карата балким 4. С : g7! Кр : g7 5. Kf5+ десе болмок, ал эми партиядагы жүрүштөн соң актар душмандын королуна каршы катуу чабуулду баштайт.

4. Фh5—g6+ Крg8—f8
5. Фg6—f6

«Тымызын» деп аталчу жүрүш. Ал 6. Kf5 же 6. Kg6+ менен байланышкан. Каралар аргасыздан 5. ...Крf8—g8 деп жооп кайтарышты, бирок 6. Ле1—e3! дөн кийин токтоосуз багынып берди.

Алаксытуучу курмандык көп учурларда азгыруучу курмандык менен толукталып турат.

Стефенсон — Брайн
Англия, 1962-ж.



1. Лd1—d8+! ...

Алгач ферзь алаксытылат.

1. ... Фe7 : d8
2. Фe3 : e5 Фd8—d7
3. Фe5—h8+!! ...

Эми кара король мат болчу жерге азгырылып келет.

3. ... Крg8 : h8
4. Лf1—f8х.


Комбинациянын темасы — азгыруу

Душмандын фигураларын ыңгайсыз позициядан орун алууга мажбурлап коюу мындай комбинацияларга мүнөздүү. Королду мат торуна алып барган 3. Фh8+ жүрүшү азгыруу курмандыгынын типтүү мисалы болуп эсептелет.

Ат менен кабатталган сокку уруу бөлүмүндө каралган курмандыктын жардамы аркылуу атаандашынын фигурасы ат чалмасына дуушар болуп «өлө» турган талаага азгырылып барат.

Төмөнкү позицияда азгыруучу курмандык аркылуу актар оюндун жүрүшүн тез эле чечип коёду.

Мюффанг — Девос
Париж




Албетте, каралардын абалы абдан оор. 1. С : f5 жүрүшү аркылуу пешканы утуп алса болор эле. Бирок актар андан чечкиндүү жолду тандап алды.

1. Лc1—c7! Фe7 : c7

Ферзь туткундалып, максат ишке ашты.

2. Лd6 : d8! Каралар багынып берди.

Ласкер — Эйве
Нотингем, 1937-ж.



Акыркы жүрүшү менен слон a5 ке жөнөдү — каралар c4 төгү атты соккунун астына таштап e1 деги атка каршы чабуулга өттү. Бирок Ласкер күтүүсүздөн төмөнкүдөй жооп кайтарды:

1. b2—b4 Сa5 : b4
2. Кe1—c2

Азыркы абалында ат, b4 кө азгырылган слон дагы

соккунун алдында калып калды. Каралар багынды.

Фигура көбүрөөк топтолушкан учурда


Белгилүү бир объектини коргоо милдетин фигура же пешкага жүктөөдөн мурда, алардын канчалык даражада аны аткара аларын нечен жолу бышыктап текшерүү керек. Эгерде фигура же пешка бир нече милдетти аткарып калса, анда ага ыйгарылган милдеттердин келечекте көбөйүп кетүүсү мүмкүн.

(Кара кийинки диагр.)

Ак фигуралар апачык эле душмандын королуна каршы багытталып турат. Чындыгында каралардын коркунуч туудурчу мүмкүнчүлүктөрү бар кезде ачык чабуул көздөгөн максатка жеткирбейт: 1. Фh7+Крf7 2. Cg6+Кре7 3. Ф : g7+ Крd8 4. Кf3 fe 5. fe Л :f3 6. gf

Петухова — Юрикви
кат аркылуу Латвия ССРинин биринчилиги, 1968/69-ж.

Cf2+ караларда кооптуу жүрүш калды.



Бирок караларды комбинациялык сокку токтоосуздан багынып берүүгө мажбурлайт.

1. Кc3 : d5!


Көрсө, e6 дагы пешкага милдет көп жүктөлүптүр. Ал төмөнкүдөй эки милдетти аткарып: d5 теги пешканы коргоо менен, f5 теги аттын талаасын да бербей турган экен.

Бир жүрүштөн соң партияда эки жүрүш менен мат болуу коркунучу түзүлөт. Эгерде 1. . .ed, анда жөнөкөй эле 2. Кf5 жүрүшү маселени чечип коёт.

Симагин — Николич
Кисловодск, 1968-ж.

1. Ле5—e8+!

Каралар бул ладьяны «айланайын» деп эле алар эле, бирок ладьянын жүгү көп —




ал e8 деги талааны жана c3-төгүү ферзди коргоого милдеттүү. Ошондуктан каралар аргасыздан

1. . . . Крh8—g7
2. Ле8 : c8 деп жүрөт.

Азыр болсо ферздин жүгү оордоп калды. Ал c8 деги ладьяны жеп, ошол эле мезгилде d4 төгү ладьяны коргой албайт.

Толуш — Копылов
Ленинград, 1954-ж.



1. . . . Сc8 : g4!

Бул натыйжалуу жана күтүүсүз нерсе. Ферзь g4 төгү пешканы коргоо менен b1—h7 диагоналын кошо калкалап турууга тийиш болчу. Ушул учурда ферзге артыкча милдеттер коюлуп кеткенин өзүңөр байкайсыңар.

2. Ce1 : b4 . . .

2. Ф : g4 жүрүшүнөн кийин каралар 3. . . .Фg6+! 4. Крa1 Кc2+ 5. Крb1 К : d4+ 6. Крa1 Ac2+ 7. Крb1 Кb4+ жардамы менен шексиз жеңишке жетүүнүн практикалык жолу ушул.

2. . . . Сg4—f5
3. Фe4 : f5 Лf8 : f5
4. Cb4 : a3 Фb6—a6

Кабатталган сокку.

Душмандын кабатталган соккуларына актар кантип каршы сокку жасоого аракеттенер экен, ошону байкайлы.

5. Кe2—g3 Лf5—f2
6. Кg3—e4 . . .

6. Cb2 аркылуу актар фигураны сактап калууга умтулса болмок, бирок анда 6. . .Фg6+7. Крa1 Фc2 8. Лb1 С : d4! жүрүштөрү күтүлмөк.


6. . . . Лf2—f4!

Материалдык чыгымдар болору шексиз. Актар багынды.

Коргоону жок кылуу

Мындай комбинацияларда курмандык аркылуу коргонууда маанилүү милдетти аткарып турган душмандын фигуралары жок кылынат.

Таль — Найдорф
Лейпциг, 1960-ж.



Бардык күчүн топтоштуруп алууга актардын кудурети бар экен, королдун флангасы тарапка алар өтө көп күч топтоп койду. Бирок чабуулду күчөтүү кыйын, анткени, e4 төгү кара ат өтө эле күчтүү позицияны ээлеп турат.

Актар өздөрүнүн биринчи соккусун мына ошол атка каршы багыттады.


1. Ле1 : e4! d5 : e4
2. Ch4—f6!

Бул чечүүчү чабуулдун башталышы. Кийинкиси болсо түшүнүүгө жеңил.

2. ... Фc7—b6
3. Cf6 : g7 Лf8—e8
4. Cg7—e5 Фb6—g6
5. Кf5—h6+ Крg8—f8
6. f4—f5!

Эгерде 6...Фg5 деп жүрүлсө, анда 7. К : f7! күтүлмөк. Каралар багынып берди.

Биндрих — Гольц
ГДРдин биринчилиги, 1969-ж.



1. ... Лb6 : b2!


Көрсө, актардын позициясын байланыштырып турган негизги түйүн b2 деги пешка экен. Ал пешканы алдырган кийин актардын коргонуучу күчтөрү токтоосуздан ажырап бөлүнө баштайт.

2. Лb1 : b2 Лb8 : b2
3. Фc2 : b2 Сe5 : c3
4. Фb2—b7 Сc3 : a1

Эгерде 5. Ф : d7 болсо, анда 5 ...Фb2+ 6. Крh3 Фc1! жүрүлмөк. Актар багынды.

Кийинки берилген кооз мисалда королдук флангадагы коргонуучу чепке урулган соккулардын өзү кыйратуучу чабуулдун башталышы болуп эсептелет.

Холмов — Банник
1962-ж.



Королдук фланганы начарлатууга караларды мажбурлоо максатында

1. Сg4—e6! Крg8—g7
2. Сe3—h6+! Крg7 : h6
3. Кd4—f5+!! ...


жүрүштөрү жүрүлдү

3. ... g6 : f5
4. Фc2—d2+ f6—g5
5. Лc3—h3+ Крh6—g6
6. Сe6 : f5+. Каралар багынып берди.

Талааны бошотуу

Чегинүүгө пайдалуу тактикалык операцияларды жасоого фигуралардын ыңгайсыз жайгашуусу да кедерги болгон учурлары кезигет. Мындай шарттарда курмандыктын жардамы менен ошол жолду же талааны бошотуу жагын ойлонуштуруп көрүү керек.

Хемзон — Хайсенбуттер
ФРГ, 1958-ж.




Жүрүш актарда. Алардын «g» линиясы боюнча жасаган чабуулу туюкка капталгансып калды, ошол эле учурдагы ферздин флангасындагы каралардын коркунучу ишке ашчудай абалга

жетти. Актарга кандай айла табуу керек? Кунт коюп позицияны караса каралардын талаасындагы g7 пункту начар абалда калганы көрүнөт, ак ферзь өтчү ал талаага ак ладьянын өзү жолтоо болуп турат. Муну биз түшүнгөндө кутуча жеңил эле ачылат...

1. Лg5—c5!

Актар ферзге жол ачып, ошол эле мезгилде «с» линиясын жаап салат. Каралар багынып бериштн. 2. Л : h7+, Фg7х жана 2. Л : c4-төн сактанууга мүмкүн эмес.

Гургенидзе — Сергиевский
1962-ж.



Жүрүш караларда. Королдук фланганын начардыгы, b7 деги слондун позициясынын кооптуулугу, «h» линиясынын ачыктыгы — мына ушунун баары актардын позициясынын оор абалда тургандыгынын белгиси болуп эсептелет. Маттык комбинацияны ишке ашыруу үчүн каралар g5 талаасын ферзге бошотуп алуусу керек. Ошол максатта алар 1. ...Cg5—d2 деп жүрүш жасады.

Эми актар e4 төгү пешкаңы коргобой слонду алууга аргасыз болду.

2. Фe1 : d2 Kf : e4
3. Фd2—e3 Фe7—g5+!

Мына кайсы учурда g5 талаасы керекке жарады.

4. Фe3 : g5 Ke4 : g5+


5. Крg3 Лh3+ 6. Крg4 Cf3+

7. Кр : g5 жүрүштөрүнөн кийин ак король кыйратуучу чабуулдун курмандыгы катары жыгылды.

Маселен, слондордун же вертикалдагы оор фигуралардын оюнун тездетүү үчүн бир эмес, кээде бүтүндөй талаалардын комплексин ачуу зарыл болуп калат.

Панов — Макогонов

Бул мисалда курмандыктын негизги максаты — тактада калган фигуралардын



ойноо жөндөмдүүлүгүн күчөтүүдө экенин дагы бир ирет ишенесиңер.

Сапатты курмандыкка берүү менен актар a1—e5! диагоналы боюнча кысымды күчөтүштү.

1. Ле1 : e5! d6 : e5
2. f6—f7+ ...


Бул жүрүш аркылуу актардын ферзи менен слонуна эркинирээк «дем алууга» шарт түзүлөт. Күчтөрдү ыңгайсыз абалда жайгаштыруу менен биз фигуралардын кененирээк аракеттенүүсүнө тоскоолдук кылабыз, натыйжада алар өз талаасында дымыгып, кысталышат. «Кысылган мат» буга даана жана эсте тутарлык мисал боло албайбы?.

Спасский, Таль, Керес, Штейндин жакшы партияларына кунт коюп көңүл бургулачы — алардын фигуралары ачык диагоналдар менен линияларда өздөрүн эркин сезип атаандашынын лагерине кирип барууга дайыма даяр турушат, чабуулга өтүү үчүн бош, чабал жерлерди аңдып турат.

2. ... Лd7 : f7
3. Фd4 : e5+ Крg8—f8
4. Фe5—g7+ Крf8—e7
5. Сc3—b4+. Каралар багынды.

Биз мурда маттык комбинациялардан линиялардын кандайча ачыла тургандыгын көрбөдүк беле, бирок теманы толук чагылдыруу максатында дагы бир эсте тутарлык мисалды келтирели.

Старченко — Гольдберг
Москва, 1956-ж.



Актардын оор фигуралары үчүн «h» линиясы ачылып калды, бирок ладьялар-

ды кабаттоо аркылуу кысымды акырындап күчөтүүнүн өзү өтө эле жай болмок. Актар бул жерде жеңишке жетүүнүн эң сонун жолун тапты.

1. g2—g4 ...

2. f4—f5 коркунучу бул «белекти» алууга караларды мажбурлайт:

2.	...	Ce6 : g4
3.	Лd1—g1	Cg4—f5
4.	Лh1 : h7!!	...

Ушул ладьяны курмандыкка бергенден кийин гана ачык «g» линиясынын төмөнкүдөй мааниси белгилүү болот. 5. Лh1+ жана Лh8х га байланыштуу 4. ...Кр : h7 дешке болбойт, слонду көргоп турган ферзь алаксытылат, ал эми слонду жок кылган соң каралардын коргонуучу тосмолорунун баары бузулат.

4	4. ...	Фf7 : h7
5.	Cd3 : f5	Лc8—c7


Эске түйчү бир нерсе, 5. ... Лc6 6. Ce4! жүрүшүнөн кийинки ладьянын баардык чегинүүсү материалдык жоготууларга алып барат.

6.	Cf5 : g6	Фh7—h4
7.	Cg6—e4+	Крg8—f8
8.	Лg1—h1. Ферзь чегинсе анда Лh8+ жана Л : a8 күтүлөт. Каралар багынып берди.	

Жолду тороо

Мындай типтеги комбинацияларда душмандын коргонуусунда маанилүү милдеттерди аткарып турган фигуралардын нч ара байланышы үзүлүп калат.

Элисказец — Хельцль
Австрия, 1931-ж.




1. Лc5—d5!!

Бир эле сокку менен актар кара фигуралардын байланыштарын бузуп салды. Эгерде 1. ...C : d5 же 1...ed жүрүлсө, анда кара ферзь менен ладьянын ортосундагы байланыш тосулуп ка-

лып, ладья жок болот. 1. . . . Ф : d5 деш мүмкүн эмес, себеби 2. Фf6×, ошондой эле 2. Фf8× ге байланыштуу 1. . .Л : d5 деп жүрүү да жарабайт.

Анчалык таасирдүү болбогону менен төмөнкү мисалдагы жолду тороо көпчүлүк оюндарга мүнөздүү.

Яновский — Шаллоп
Нюрнберг, 1896-ж.



1. Сc4—d5! e6 : d5

Чоң диагональ тосулуп калгандыктан c6 дагы пешканы ферзь эми коргобойт.

2. Фa4 : c6+ Крe8—d8


3. Ф : a8+ Крd7 4. Фb7+ Крe6 5. Фc6+ Сd6 6. Сf4 жүрүштөрдөн кийин каралар багынып берди.

Тосмолоо

Мындай комбинацияларда душман үчүн эң маанилүү болгон талаалар тосмолонот, башкача айтканда фигуралар менен ээленет.

Фигура же пешкабыз аркалуу душмандын фигураларынын жүрүштөрүн, аракетин кыйындата турган өзгөчө тоскоолдуктарды түзөбүз.

Нимцович — Хофер
Нюрнберг, 1904-ж.



Королдук флангада актар чоң артыкчылыкка ээ болуп турганына байланыштуу каралардын позициясы оор. Бирок чабуулга өтүүнү бир топ оордотуп жиберчү Ф: f2 коркунучу ишке аша электе темпти кетирбей бул жерде тезинен башка арга табуу керек. Нимцович натыйжа чыга турган жолду тандап алды.

1. Сa4—e8!! . . .

Бир караганга түшүнүксүз жүрүш.


1. ... Ла8 : e8

Эгерде 1...gf болсо, анда 2. Kg4!

2. Фh5—h6!! g7 : h6
3. Ke5—g4.

Мындай ууру жүрүштөн кийин каралар багынып берди. Себеби h7 деги пешканы h6 дагы пешка, f8 деги ладьяны e8 талаасындагы ладья тосуп тургандыктан h6 да качып кутулгус мат бар.

Фишер — Бенко
Нью-Йорк, 1963-ж.



Аттын e2 ге жөн чегинүүсүнөн улам каралар короолдук флангадагы кысымды 1...f5 жүрүшү аркылуу жоюуга үмүттөнгөн эле. Бирок бул жерде актар күчтүү ойноп койду.


1. Лf1—f6!! ...

Камоочу мындай жүрүштөн кийин каралар e4—e5 жүрүшүн токтотууга алсыз. 1...f5! кө байланыштуу көнүмүшкө айланган 1. e5 жүрүшүн жасоо дагы ката болмок.

1. ... Крh8—g8
2. e4—e5 h7—h6
3. Кc3—e2 Каралар багынып берди.

Төмөнкү этюдда көптөгөн камоолор аркылуу актар кара фигуралардын диагоналдарды ээлеп алуучу жолун билгичтик менен тороп коет.

Г. Гербстмандын этюду.



Актар «d» талаасындагы өтмө пешканы ферзге чыгарам деп чочутуп турат. Каралар болсо b5—b4 же Cd1+h5—e8 маневри аркылуу буга тоскоолдук кылсам деген үмүттө. Бирок эң керектүү диагоналдарды тороп коюп, актар жеңишке жетишет.

1. g5—g6 h7 : g6

Ошентип, блок e8 ге карай кетчү бир жолдо турат.

2. Ce7—b4! Ca4—d1+

2...ab дан кийин экинчи диагональ дагы биротоло жабылмак. Текстеги жүрүш актардын позициясынан жылчык табуу үмүтүнөн улам жасалган.

3. Kpe2—e1 Cd1—g4

Каралар f5—f4 түн жардамы менен коргонууга үмүттөнөт. Бирок актар жөн коер эмес.


4. Cb4—d2+ Kpc1—c2
5. Cd2—f4!

«f» пешкасын биротоло камап салып актар жеңет, анткени 5...ef 6. d6 пешка ферзге чыгат.

Байланыштыруу

Пешка же фигура байланышта турса, анын аракети чектелип калат. Ал ошол жерден кете албайт, кетсе коргоп турган фигураны соккунун астына таштап коет. Эгерде корголуп турган фигура болсо, анда толук байланыш деп айтабыз. Байланышкан фигура ферзди же ладьяны коргоп турса биз «жарым байланыш» туурасында сөз жүргүзгөн болобуз. Бул айырмачылыкты эске түйүп коюу керек, анткени биринчи учурда байланышкан фигура толугу бойдон камалганы менен аны байланыштыруучу фигура азырынча «тирүү». Экинчи учурда коргоп турган объектини салып берүү аркылуу болсо дагын байланыштырылган фигуранын жардамы менен сокку жасоого үмүттөнүүгө болот.

Таль — Билек
Мишкольц, 1963-ж.



1. Лf1 : f6 Лf8 : f6
2. Фg3 : e5 ...

Комбинациянын биринчи этабы аяктады. Ладья толук бойдон тушалды. Эми Лf1 коркунучу пайда болду. Жа-

гымсыз байланыштан кандайча кутулуу керек?

2. ... a4 : b3
3. a2 : b3 b7—b6

Каралар 4...Ла5—с5—d5 жардамы аркылуу такымдаган ферзден кутулууну эп көрдү. Байланышты жок кылуунун экинчи ыкмасы 3...Крf7 жүрүшүндө сакталган, бирок мындай учурда актар 4. К : f6 Ф : f6 5. Фс7+ жана Ф : с8 жүрүштөрдү жасоо менен жеңип алмак.


4. b3—b4.

Актар коендон сак. Ушул жүрүш менен алар бошонуп кетүү аракетин жокко чыгарат, ошондой эле 5. Лf1 коркунучуна байланыштуу каралар багынды.

Төмөнкү мисалда актар сапатты курмандыкка берүү аркылуу атаандашынын ладьясын байланышка алып барып койду, натыйжада каралардын позициясынын бүтүндөй кыйрашына алып келди.

Гипслис — Савон
Баку, 1961-ж.

1. Ле1 : е6 Ле8 : е6
2. Кс3 : d5 h7—h6



Көрсө, f6 турган аттын жүгү көп болуп калыптыр — ал d5 тегини алуу менен h7 пунктун кошо коргоого чамасы жетпейт. Каралар h7 тосууга аргасыз, эми a2 деги слондун байланыштыруучу аракети кыйраткыч мүнөзгө өтөт.

3. Кd5 : f6+ Крh8—h8

4. К : е6 Л : е6 5. Ф : f5 болоруна байланыштуу 3... Л : f6 деп жүрүүгө болбойт.


4. Фh3 : f5 Ле6—е1+
5. Лd1 : е1 Фс8 : f5
6. Кg5—f7+!

Каралар багынды. Эгерде 6...Л : f7, актар 7. Ле8+ жардамы аркылуу мат коет.

Кийинки мисал да ушуга окшош.

Барца — Билек
Будапешт, 1961-ж.

1. ... Ле8 : е3
2. Фd2 : е3 Кd4 : с2!




Мындай экинчи курмандык аркылуу e3 кө азгырылып келип өлүүгө тийиш болгон ак ферзь a7—g1 диагоналын ачууга актарды аргасыз кылат.

3. Лf2 : c2 Cg7—d4

Ферзь жок болот. Бир нече жүрүштөн соң актар багынып берди.

Даль — Шульц
Берлин, 1956-ж.




Актар төмөнкүдөй жол менен жеңишке жетти.

1. e5—e6! Cg4 : e6
2. Ce3—d4 f7—f6
3. Фg3—g4!

Каралар багынды. 3. Крf7 жүрүшүн 4. Лfe1 чечип коет. Бул жерде эки байланыш бар — e6 дагы слон бир эле мезгилде эки диагональ боюнча байланышта турат.

Акырында каралардын каршы коркунуч түзгөнүнө байланыштуу «жарым байланышты» четке каккан эки мисал келтиребиз.


Марич — Глигорич
Белград, 1962-ж.



1. . . . Лc3—b3!!

Актар токтоосуздан куралын жыйыштырды — материалдык өтө оор чыгымдардын болору шексиз, себеп дегенде бир мезгилдин ичинде ак фигуралардын баары соккунун астында калып калды.

Фудерер — Трифунович
Белград, 1952-ж.



Аттын c3 төгүү байланышы өтө жагымсыз. Каралар 1... d4 2. С : d4 К : d4 3. Ф : d4 С : c3 4. Ф : d7 Фа3 жүрүштөрүнүн жардамы менен ак королду мат кылам деп коркутуп турат.


1. Cg2 : d5! c6 : d5
2. Кc3 : d5! Фа5—c5

Байланышты теңсинбей турган ферзди каралар ала албайт, анткени мат андан «улууraак»: 2...С : d2 3. Кe7×. Партия 3. Л : f8+ Л : f8 4. Ф : h4 деп кадимкидей аяктады. Бир нече жүрүштөн соң каралар багынып берди.

Пешканы чекке чыгаруу

Мындай комбинациялардын түпкү максаты — пешканы ферзге чыгаруу. Фигуралардын көбү алмашылып, пешканын жолуна тоскоолдуктар аз калган эндшпилде бул негизги тема болуп эсептелет. Мительшпилде болсо, өтмө пешка сейрек учурда гана ферзге чыгат. Бирок ал атаандашынын талаасына терең деп кирип барып калса, күтүүсүз комбинациялардын болушу мүмкүн.

Жеңил бир партиядагы Р. Таймандын жеңиши — бул теманын кооз мисалы боло алат.



1. Лg6 : h6!! ...

Королдун тороочу фигураларына каршы чечүүчү уруш башталат.


1. ... Kf7 : h6
2. Фg4—g5 Kh6—f7
3. Фg5—d8+!! ...

Алаксытуучу курмандык.

3. ... Кf7 : d8
4. h5—h6!

Бир караганга жөнөкөйдөй сезилген жүрүштү жасоого эми шарт түзүлдү; h7+ жүрүшүнөн сактануу-га болбостугун эске алып каралар багынып берди.


Таль — Журавлев
Харьков, 1967-ж.



Жаңы ферзге чыгуу максатында актар эки фигурасын курман чалды. 1. Ф : b7! Ф : b3 2. Фc8+Крg7 3. b7 Фd1+ 4. Крg2 Ф : e2 5. b8Ф Крf6 6. Фh8+ Крf5 7. Фbh8 Лf6 8. Фgg7. Каралар багынды.

Константинопольскийдин
көрсөтмө мисалы

Астыга кетип калган «с» пешкасы, «d» линиясынын ачыктыгы жана борбордошту-



рулган ат комбинациялык изденүүлөрдүн мотиви болуп эсептелет.

1. Кe5—f7+! Лf8 : f7

1 ...Крg8 жүрүшүнөн соң 2. Фe6! Ф : d2 3. Кh6++ Крg8 4. Фg8+! Л : g8 5. Кf7× күтүлмөк.

2. Фd6—d8+ Лf7—f8
3. Фd8 : c8 Сe4 : g2+!

Ыңгайлуу учур. Актар бирок белекти азырынча албай турат.

4. Крh1—g1! Фc3—e3+
5. Лf1—f2 Фe3—e1+
6. Крg1 : g2 Фe1—e4+
7. Лf2—f3 Фe4—g6+
8. Крg2—f2 Лf8 : c8 1. Лd2—d8+Фg6—e8 10. Лd8 : e8+ Лc8 : e8 10. Лf3—d3!, акырында Лd8 ден коргонууга мүмкүн эмес. Эске тутуп койчу мисал!


Мурдараак темпте жетүү

Күчтөрүн ыңгалуу кылып жайгаштырууга керек болгон убакытты утуп алуу үчүн мындай комбинацияларда активдүү тарап материалды курмандыкка берет.

1. Ke4—f6+! Cg7 : f6
2. Фb1—g6+ ...

Актар темпти басандатпай начар f7 талаасына «жетип барышты».

Смыслав — Фуллер
Гастингс, 1968—69-ж.




2. ... Cf6—g7
3. Фg6 : f7+ Крg8—h8
4. Лd1—d7. Каралар багынды.

Аралык жүрүш

Комбинациялык идеянын артынан сая түшүп кетип, биз кээде аралык жүрүштөрдүн маанисине анча баа бербей коебуз. Буга төмөнкү мисал ылайык.

Россето — Шервин
Порторж, 1958-ж.



1. ... Лa1—b1
2. Cb4 : d6 ...

2. ..ed жүрүшүнөн соң алар слон менен b3 кө жылат жана машакатсыз тең чыгууга жетишем деп, актар бейкапар слон менен атты алды.

2. ... f4—f3+!


Жан кейиткен аралык жүрүш. Актар багынды, анткени 3. Кр : f3 Л : b3+ жана 4...ed жүрүшүнөн кийин алар фигурасыз калат.

Айла кеткендеги курмандык

Мындай комбинацияларда өлүмгө башы байланган

фигуралар душмандын позицияларын колдон келишинче көбүрөөк бузуп кетүүнү көздөп өздөрүн курман чалышат.

Керес — Микенас
Тбилиси, 1947-ж.




Ат өлдү, бирок анын өлүмү 1...Ка6—с5 тен кийин караларды багынууга аргасыз кылды. 1...dc десе 2. Ла3 утуп кетет.

Пат кылуу комбинациялары

Практикалык партияларда ал көп эле кезигет, бирок комбинациялардын башка түрлөрүнө салыштырмалуу сейрек учурайт. Мындай комбинациялардын максаты — оор абалдан сактап калуу.

Лаздинь — Земитис
Рига, 1936-ж.




1. Фе7—f8+ Крg7—f6
2. Фf8—h8+ Крf—f5
3. g3—g4+ h5 : g4
4. Лd8—g5+ e6 : d5
5. Фh8—c8+! Фc1 : c8

Пат!

Кутулуунун ойго келбеген жолун актар төмөнкү мисалдан тапты.

Маршалл — Мак Клюр
Нью-Йорк, 1923-ж.




1. Лf6—h6!! Лh5 : h6
2. h7—h8Ф+ Лh6 : h8
3. b4—b5!

Актар өз королун бүтөп алды. Анын жүрүшүн биротоло тосуп салды, жүрүшү болгон учурда деле каралар аны бул абалдан куткара албайт.

Буктурма

Мындай комбинациялар принципте корректив дүү болбогону менен душманды азгыра турган элементтерге ээ жана атаандашы аларды таба албайт деген ойго эсептелген. Адатта башка жол калбай калганда гана буктурманы колдонууга өтүшөт.

Банник — Ивков
СССР — Югославия матчы, 1963-ж.



Каралар «күнөөсүз» жүрүш жасады.

1. . . . h7—h6

Бул жерде 2. Крf1 деп улантылууга тийиш эле, бирок актар алданып азгыруу торуна түшүп калды.


2. Се3 : h6? Кре6—f4
3. Ch6 : f4 Фе7—e1+
4. Крg1—g2 Фе1—h1+!

«Кутурган ферзь» деп аталчу көрүнүш (ферзь гана эмес ладья дагы өзүн курман чалуу менен атаандашынын фигурасынын артынан сая түшүп кууп алат).

5. Крg2—g3 Фh1—h3+!
6. Крg3 : h3 Пат.

Талдоого алынган мисалда буктурманын дагы бир өзгөчөлүгү — атаандашуучу чакырыкка душмандын жооп кайтарууга мажбур эместиги белгилүү болду. М. И. Чигорин төмөнкү мисалда атаандашы акыр-аягына чейин чече албаган буктурманы ишке ашырат.

Чигорин — Марко
Вена, 1898-ж.



1...Л : c1 жана 2...Кe2 К : c1 Ф : a2 деп коркунуч түзүп турат. Бирок Чигорин 1. Крh1—h2! . . .деп башкача ойноду. Душмандын «колго түшкөнүнө» кубанып ийип каралар төмөнкүчө жүрүп салды:

1. ... Лb1 : c1?

Анда мындай жүрүштөр жасалды:

2. Лf1 : c1 Кf4—e2
3. Фg3—e5! Кe2 : c1
4. Кd6—e8!


Каралар багынды. Маттан кутулуп кетүүгө мүмкүн эмес. Эгерде Чигорин биринчи жүрүштө Крh2 деп ойнобосо, король азыр h1 де турмак, каралар 4...Фd1+ 5... Фd7 жүрүшү аркылуу сактанып калмак.

Албетте, ар түрдүү буктурмаларды түзүүгө артыкча азгырылып кетпөө керек. Бирок мындай буктурмалардын максаты белгилүү болуп калганда дале, биздин позицияларыбызды бузбаса, андайды колдоно берсе болот. Позицияны бузуп кое турган жана атаандашын билип калган буктурманы жооптуу оюндарга сунуш кылууга жарабайт.

Биздин практикум


V

А. Ринк




Жүрүш актарда

А. Мейсондун
көрсөтмө мисалы




1...Лb2 деп ойноого болобу?

Шугаев — Севестьянов
Москва, 1960-ж.




Жүрүш караларда

Цинн — Минаев
Галле, 1967-ж.




Жүрүш караларда

Толуш — Бакулин
«Труд» ДСОнун биринчилиги




Жүрүш караларда

Вейтман — Ходжа
1954-ж.




Жүрүш караларда

Чигорин — консультанттар
Москва, 1901-ж.




Жүрүш актарда

Тодорцевич — Жин
Франция, 1969-ж.



Жүрүш актарда

Мучник — Эстрин
Москва, 1961-ж.



Жүрүш актарда

БООЛГОЛОНГОН КУРМАНДЫКТАР

Каралган комбинацияларда активдүү тарап курмандыкка чалган материалды өзүнө пайда келтире тургандай кылып кайтарып алуу үчүн тездетилген темп менен ойнойт же душманына мат коет. Ошого карабастан, комбинациялык курмандыктардан кийин жоготкон материалдын ордун толтура албай активдүү тарап алгач демилгеге гана ыраазы болуп калган учурлар да кезигет. Анысы аз келгенсип курмандыктан кийинки оюндун келечегин кээде так эсептөөгө мүмкүн болбой калат. Коргонуучунун тандоо мүмкүнчүлүгүн мажбурлаган жүрүштөр менен өтө чектеп койгон жогоркудай комбинациялардан айырмаланып, мында курман чалынган материалды алгандан кийин дале демилгесиз тарап коргонуучу көп ресурстарга ээ болуп кала бериши мүмкүн.

Курмандыктан кийинки позиция акыр-аягына чейин түшүнүктүү болбогону менен демилге өз үзүрүн алып келүүгө тийиш деген интиутивдүү ишенимге негизделген мындай курмандыктарды боолгологон курмандык дейбиз.

Мындай курмандыктардын натыйжасы так эсептелбей белгилүү өлчөмгө чейин гана боолголонуп сезилгендиктен, ал дайыма тобокелчиликке байланышкан. Буга

окшогон курмандыктарга баруу үчүн коркунучтан чочубаган эр жүрөк болушу керек. Анткени демилге эгерде ишке ашчу ийгиликтерди камсыз кыла албаса, анда душмандын материалдык артыкчылыгынын залакасы акыр тийбей койбойт.

Боолголонгон курмандыктарда күчтөрдүн баары кайрадан салыштырылат. Фигуралардын баалуулугунун демейки шкаласы бул жерде курмандыкка берилген материалдын наркын баалоодогу кичине гана таканчыгы катары кызмат өтөп калат.

Боолголонгон курмандыктар ар бир залкар оюнчулардын практикасында кезиге берет, бирок ал алардын баарына мүнөздүү стил эмес. Менин пикиримде, боолголонгон курмандыктардын эң көрүнүктүү тарапкерлеринин арасынан эң мурда Р. Шпильманды, азыркылардан М. Талды көрсөтүү керек го,— деп ойлойм.

Курмандыктарды Шпильман «жалган» жана «реалдуу» деп бөлүп караган. Алардын «айырмачылыгы мында,— деп жазат австриялык шахматчы,— жалган курмандыкта материал белгилүү мөөнөткө гана, реалдык курмандыкта белгисиз мөөнөткө берилет. Жалган курмандык тобокелчиликке байланышпайт. Жалган курмандык болор менен анын натыйжалары так эсептелип коюлат. Ошентип, сөздүн толук маанисинен алганда, ал курмандык эмес, ошол учурдагы чыккан пайдалуу ыкма гана».

Андан нары гроссмейстер, жалган курмандыктын маанисине кем баа берүүгө ниеттенген жерим жок, мындай бөлүштүрүү субъективдүү,— деп жазганы менен Шпильмандын көз карашы шахматтык адабияттарда кабыл алынганы жок. Эмне үчүн андай экени белгилүү. Чындыгында эле өзүнүн курчтугу жана эстетикалык чоң ырахатка ээ кылчу тездетилген комбинациялардын баарысын кандайдыр бир ишенимдүү жана пайдалуу «ыкмага» айландырып ийүүгө дит барбайт.


Боолголонгон курмандык теориясы алиге чейин толу-

гу бойдон изилдене элек. Китептин азыркы главасы дагы бул орунду талашпайт. Менин максатым — боолголонгон курмандыктарга мүнөздүү көрүнүштөр жөнүндө окурмандардын түшүнүк алуусуна көмөк көрсөтүүнү көздөйт.

М. Талдын бир нече комбинациясы

Боолголонгон курмандыктар жөнүндөгү главаны ригалык гроссмейстердин партияларынын материалдарына байланыштырып көрсөтүү ылайыктуу го деп ойлойм. Анын жалпыга белгилүү шахматтык стилинин өзгөчөлүгү минтүүгө бизге бардык укукту берип турат.

Таль — Пасман
Рига, 1954-ж.



19. Фd1—g4 ...

Эки фигураны курман чалуу аркылуу көп жүрүштүү комбинацияга киришүү. Актардын көчтөрү активдүүрөөк жайгашканын карагылачы. Алардын карамагында ачык «f» линиясы, d7 атына караганда d5 теги ат алда канча активдүү абалды ээлеп алган. Королдук флангадагы күчтөрү боюнча да актар артыкчылыкка ээ — каралардын пешкалык флангасы оор фигуралардын чабуулунун астында турат.

Боолголонгон курмандыктар капысынан чыга калбайт — бул жерде да алдын ала түзүлгөн позициялык шарт болуу керек экенин баса көрсөтүү үчүн биз позицияны жалпы баалоого токтолдук.

19.	...	g7—g6
20.	Ла1—f1	f7—f6
21.	h2—h4!	Крg8—h8
22.	Лf5—f3	f6—f5
23.	e4 : f5!?	...

Эки фигураны курмандыкка бергени менен комбинациянын автору ойлогон оюнун тууралыгына ишен-

ген эмес. Андан кийин эмне болуп кетерин билүүгө мүмкүн эместигин жана каралардын материалдык артыкчылыгы менен абдан катуу эсептешүүгө туура келерин акыры Таль аргасыздан эске алды. Ошентсе да демилге узакка созулуп кооптуу болот го деген үмүттө актар эр жүрөктүүлүк менен курман чалып жатты.

23.	...	Фd6 : d5
24.	f5 : g6	Лf8 : f3
25.	**g6—g7+**	**Крh8—g8**
26.	Сd3 : h7+!	...


Эң негизгиси «h» пешкасына жол ачуу керек.

26.	...	Крg8 : h7
27.	Лf1 : f3	Кс5—e4!

«h» пешкасын камап коюу максатында башка күчтөр жакындатылды.

28.	h4—h5	Кd7—f6
29.	Фg4—g6+	Крh7—g8
30.	h5—h6	

Комбинацияны 23-жүрүштө баштап, Таль дал ушул позицияга жетүүгө аракеттенген болучу.



Ферзь менен ладья колдоп турган өтмө пешкалар караларга эң болбоду дегенде өтө оор маселелерди чечүүгө мажбур кыларына ал албетте ишенген. Таль материалдык чоң «чыгымдар» менен учурунда эсептешпегендей көрүнгөнү менен, боолголонгон курман чалганда ал өзүнө кандайдыр бир реалдык позициялык көзүрдү дайыма калтырып коерун кийинки мисалдардан көрөсүнөр.

30.	...	Ла8—a7

Чыдоого мүмкүн болгон ката жүрүш. Каралар ладьяны e7 ге, атты h7 ге коюп h6 дагы пешканы биротоло камайм дегендей — коргонуунун логикалык планын көздөдү. Бирок 30...Ла7 жүрүшү сегизинчи горизонталды начарлатат, аны Таль

дароо пайдаланат. «Талга ондой берди болду. Кокусунан келген мүмкүнчүлүк» деп айтар. Бирок мындай талдык «кокустуктардын» өз закон ченемдүүлүктөрү бар. Биринчиден, мындай чабуулга караганда коргонуу оорураак болот. Экинчиден, күтүлбөгөн курмандыктар оюндун мүнөзүн чукул өзгөртүп жиберет, дароо коргонууга өтүүнүн өзү психологиялык жактан жеңилге турбайт. Үчүнчүдөн, тактанын кайсы бир бөлүгүндөгү коркунуч жоюлганы менен Талдын фигуралары көбүнчө динамикалык жашырын күчкө ээ болуп турат. Кандайдыр начар жери түзүлөрү менен аны ригалык гроссмейстер дароо өз пайдасына чечип кетет.

Каралар 30...Кh7 жүрүшү аркылуу тең чыгууга жетишсе болмок. Маселен, 31. Лf8+ К:f8 32. gf+ Кр:f8 33. Фg7+ Крe8 34. h7 Фd1+ 35. Крh2 Фh5+ түгөнгүс шахы менен.

31. Крh1—h2!

Мындай ууру жүрүш жасоо менен актар комбинацияны тымызын даярдайт.

31. ... Лa7—e7


Көңүл бурууга татыктуу 31...Фa8.

32. Лf3—h3! Кf6—h7
33. Лh3—d3 Фd5—a8
34. Фg6:e4!

Мындай жазы курмандык аркылуу актар атаандашынын ферзин сегизинчи горизонталдан алаксытууга жетишет. Жаңы ак ферзь жаралгандан кийин каралардын королу мат болуу торунда калды.

34. ...Ф:e4 35. Лd8+ Крf7 36. g8Ф+ Крf6 37. Лd6+ Крf5 38. Фg6+ Крf4 39. g3+ Крe3 40. Лd3+ Ф:d3 41. Ф:d3+. Каралар багынды.

Таль — Филип
Москва, 1967-ж.



19. Кe5:f7! Крg8:f7
20. Фh5:h7 e6—e5

21. Лd1 : d8 Лe8 : d8
22. Фh7—h5! ...

Акылга сыярлык баалоо шкаласынан алып караганда ат үчүн актардын эки гана пешка алып калышы жетишсиз акы. Бирок курмандык бекер жерден чыга калган жок: кара королдун абалы кооптуу, аттын байланышы алардын күчтөрүнүн аракеттенүүсүнө кедергн болуп кармап турат.

Ошентсе да Талдын боолголоочу курмандыктарынын мүнөздүү бир жери,— динамикалык мындай компенсация шыдыр эле жеңишти алып бербейт, максималдуу түрдө ойлонууну, тактикалык жаңы соккуларды, чабуулдун жаңы булактарын издөөнү талап кылат. Мындай учурда душман тарапта коргонуу пландарын тандап алууга мүмкүнчүлүктөр көп болот.

22. ... Фb6—e6

23...Фg4 аркылуу кысымды бошотуу максатында

23. h2—h3! Ce7—c5
24. Крg1—h1! ...

Эми каралар f2—f4 коркунучун эске алууга тийиш.

24. ... Cc5—d4

Албетте, 24...C : f2 деп жүрүүгө болбойт, себеби 25. Лf1.

25. Лa1—d ...

Баардык фигуралар «иштөөгө тийиш»!

25. ... Лd8—d6
26. Cb2—a3 Лd6—a6

26. ...Лd8 деп жүрүүгө болбой турганын каралар байкап калышты, анткени 27. c3! Cb6 28. Л : d8 C : d8 29. f4! андан соң 30. Cd5 байланыштуу 29...ef мүмкүн эмес. Эгер пешканы албаса f4—f5 жүрүшү өтө коркунучтуу.

27. Лd1 : d4! Каралар багынды, себеби 27 ...ed 28. Cd5 Л : a3 29. Фf5+! жүрүштөрүнөн кийин актар материалдык чоң артыкчылыкка ээ болуп калат.

Айтмакчы, боолголоочу курмандыктын өзгөчөлүгү кызыктуу — демилгелүү тарап динамикалык пайдага жетүү үчүн мурда материалды курман чалат, кийин динамикалык артыкчылыкты материалдык пайдага айландырууга аракеттенет.

Курман чалынган мате-


риал үчүн убакыт бул өтө «тез өтүүчү» акы болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу эл аралык турнирде Симагин менен ойногон Талдын партиясы эске түшөт. Партия капкачан аяктаган, бирок гроссмейстерлер позицияны талдоону улантып жатышкан.

— Кантип эле каралар утулсун? — деп Симагин ишенбегендей сурады. — Менде ашык ат бар эмеспи!

— О, сиздин атыңыз өтө эле алыс турган,— деп Таль жооп берди.

Гроссмейстерлер талдаган позиция мынабу.

Таль — Симагин
Москва, 1963-ж.



Күтүүсүздөн партияда төмөнкү жүрүштөр жасалды.

28. Лd5—d7 с3—с2
29. Кd4 : с2 Ка3 : с2
30. с6—с7 ...

Ат үчүн актар бир пешка гана алып калды! Бирок мындай курмандыкка барууга актарга эмне түртkү болду? Кара аттын убактылуу алыс турганы жана алдыга кеткен с7 пешканын күчүн пайдаланып калуу мүмкүнчүлүгүбү. Лd7—d8 коркунучу турат, андан башка королдук флангада тутумдаштырылган чабуулга өтүүгө актардын мүмкүнчүлүктөрү бар.

Канчалык фигура аз болсо, коргонуу ошончолук жеңил болот деген принциптин жолун жолдоп 30. ...Ле8—е1+ айтылды. Бирок бул жүрүш сегизинчи горизонталды начарлатат. 30 ... Крg7 жүрүшүнө актар 31. h5! деп жооп бермек, ал эми 30...Фс3 жүрүшүнө алар 31. Фf4 деп улантып Лd8 жана h4—h5—h6 коркунучун сактап кала бермек.

31. Лd1 : е1+ Фb4 : е1+
32. Крg1—h2 Кс2—d4

Ат жардамга шашып жөнөйт, бирок кеч болуп калды...

33. Фg5—f6! Кd4—f3+
34. Крh2—g3 Каралар багынды.

ТАЛДАГАНЫҢАРДЫ ТЕКШЕРГИЛЕ

I

Э. Карпентер: 1. Фh3. С. Лойд: 1. Крf5. **В. Шинкман:** 1. Лd1 **Х. Готшаль:** 1. Сf5. **И. Эйквист:** 1. Лс4. **В. Паули:** 1. Фb7! Крf5 2. Ф:b4 Крf6 3. Фf4х. 1...b3 2. Крd5 6! Крf5 3×. **Ф. Линдгрем:** 1. Фd5 gf 2. Фс4+ Кра5 3. Сd8×. 1. . .g5. 2. Фс5! gh 3. Сс2×. 1. . .Крb4 2. Се7+ Крс3 3. Фd3×. **Д. Дитрих:** 1. Ла4!, деп коркунуч түзүп Лdd4 жана Лсd4×. 1. . .е5 2. Ле4! Крс6 3. Лс4×. **Ф. Линдгрем:** 1. Фf3 Крb5 2. Фf4 Крс5 3. d6×. 1. . . Крb4 2. Крb6 Крс4 3. Лh4×.

II

А. Ринк. 3. Крh6! Андыган бул жүрүштөн кийин каралар цугцвангда калды! Эми каралар эптеп эле бир жүрүш жасооро аргасыз, бирок оюндун түрдүүчө уланышы жеңишке алып барат. Эгерде 3. . . Ф:с7, анда 4. Фf8×. 3. . .Л:с7 жүрүшүнө жооп кылынган 4. Фf8+ айтылгандан кийин жана Ф:b8 ферзь жоголот.

В. Бронь. 4. С:h5+ Ф:h5 5. 5. Ф:е6+ Крg7!, эми кутулгус мат. Же 4. Кр:h5 5. g4+ Крg6 6. Ф:е6+ Крg5 7. Фе3+ Крg6 8. Фе7!! утушка ээ болуу менен. **Ф. Лазар.** 1. Ке5+ Крd4 (1. . . Крb4? 2. Кd5+ жана g8Ф 2. g8Ф Се4+ 3. Крd6 Л:g8 4. Кb5×.

III

Риго — Сапи. Актар королдун негизги коргоочусун жок кылууга жана мат болчу торго айдап кирүүгө жетишет: 1. Ф:g7+! Кр:g7 2. Лh8! Король капканда калды. 3. Л1h7×ден коргонууга мүмкүн эмес.

Чигорин — Зноско-Боровский. 1. Ке7+ Л8:е7 (эгерде 1. . .Л2:е7, анда 2. Ф:е7!) 2. Лd8+ Ле8 3. Фf8+! Атаандаштын фигурасы аркылуу өтүүчү өзгөчө аракетти «рентген» деп аташат. 3. . .Л:f8 4. Л:f8×.

Сахаров — Черепков. 1. С:h7+. Талкалоочу курмандык. 1. . .Кр:h7 2. Л:d6. Актар негизги соккуну g7 талаасына каршы урууну көздөштү, ошондуктан королдук фланганы коргоодон слонду азыр алагды кылуу чоң мааниге ээ.

2. . .С:d6 3. Лh4+ Крg8 4. Лh8+! Кр:h8 5. Фh6+ Крg8 6. Ф:g7×.

Зелевинский — Березин. Кара королдун абалы бекем эмес. Актардын бардык фигуралары активдүү жайгашкан. 1. Сh7+! (атты h7 талаасына азгыруу менен) 1. . .К:h7 2. Л:f7! жүрүштөрү жасалды. Алаксытуучу курмандык. 2. . .Кр:f7 (эгер 2. . .Кf8, анда 3. Лg7+ Крh8 4. Лd7+ жана Л:d8 оюндун жүрүшүн чечип коёт) 3. Ф:h7+ Крe6 4. Сс7! Фd7 5. Ле1+. Чечүүчү эффект менен күрөшкө акыркы резерв — ладья а! кирет.

Ауэс — Ышкыбоз. 1. Ф:h7+! Кр:h7 2. Кg6+ Крg8 3. Лh8+ Крf7 4. Л!8+! Ф:f8 5. d6×. Көрсө, кара ферздин жүгү оордоп кеткен экен. Ал d5 теги пешканы гана кармап-матап турбастан, f8 талаасын коргоого тийиш болучу. Эки милдетти тең бирдей даражада аткарууга анын күчү жетпейт эле.

Де Рой — Краббендам. Мындай позициялардагы оюндун ыкмасы силерге белгилүү болуп калды: башталышында курман чалуу аркылуу атаандашынын королун коргоп турган тосмолор бузулат, андан соң король оор фигуралардын тынымсыз чабуулуна дуушар болот. 1. С:h7+! Кр:h7 2. Фh5+ Крg8 3. С:g7! Кр:g7 (3. . .f5 4. Фh8+ Крf7 5. Фh7 курмандыкты албай коюу деле сактап кала албайт) 4. Лd3 f5 5. Лg3+. Эми ачылып калган королду «кадимкидей» куугунтукка алуу башталат. 5. . .Крf6 6. Фg6+ Крe5 7. Лd3! Мат болуучу торду бекем тартуу аркылуу 7. . .Сс6 8. Лe1+ Се4 9. f4+ Кр:f4 10. Фg3×.

Тарраш — Шлехтер. 1. Фh7+ Крf8 2. Фh8+ Крe7 3. Л:f7+! Кр:f7 4. Сg6+! Королду азгырып мат болчу жерге камайт. 4. . .Кр:g6 5. Фh5×.

Боголюбов — Монтичелли. 1. . . Кe2+! 2. Л:e2. Бул жерде ладья чегинүүчү жолду тороп коюу менен ез королуна «артык кылам деп тыртык кылат». 2. . .Лf1+! 3. Кр:f1 Фh1+ 4. Крf2 Кg4×.

IV

Морфи — Божье. 1. Лh3 h6 1... С:e6 деп жүрүүгө болбойт, себеби 2. Л:h7+! Кр:h7 3. Фh5×. Эгерде 1. . .Лe8, анда 2. Фh5h6 3. К:g7! Кр:g7 4. Ф:h6+ Крf7 5. Фg6+ жана Лh8×.).

2. Фd2! Кабатталган сокку. 3. Л:h6+ жана Ф:d7 коркунучу түзүлөт.

Волкевич — Лысков. 1. К:d5! ed (эгерде 1. . .Фb7, анда 2. Кe7+) 2. Ф:c8! Л:c8 3. Л:c8+ Крh7 4. Лh8+! Королду азгырып аттын чалмасына алып барат. 4. . . .Кр:h8 5. Кg6+ жана К:e7.

Нимцович — Алехин. Фh1+тан коргонууга мүмкүн эместей сезилген. Бирок актар 1. Cd4! Л:d4 2. Фc3+ Крb8 3. Ф:d4 Се5 4. Фd7 Лc8 5. Л:f7 Фh1+ 6. Крf2 Фh4+ чексиз шах айтуу аркылуу андан кутулат.

Беккер — Юнг. 1. e6+ Ф:e6 2. С:g6+ Кр:g6 3. f5+ С:f5 4. Кf4+.

Кофман — Саккети. Актар багынып берди, бирок төмөнкүдөй жүрүштөр аркылуу утуп алмак. 1. Лe8+ Крd7 2. Лe3! Фh4 3. Л:d4!+ Ф:d4 4. Лd3!! Ф:d3 5. Кe5+ жана К:d3.

Тайманов — Лисицын. 1. К:b7! Л:b7 2. Ф:b7 Ф:b7 3. Л:c8 Крf8 4. Лb8! Комбинациянын «өзөгү ушу». Кабатталган сокку жасоо коркунучунун жардамы аркасында актар атаандашынын лагерине экинчи ладья менен дароо кирип барууга жетишет.

4. . .Фe7 5. Л:a8g6 6. Лcc8 Крg7 7. Л:e8 ж. б. у. с. Дагы бир кызыгы, 4. . .Фa7 5. Лcc8 Кас7ден кийин күтүлбөгөн жерден 6. Кс6 аркылуу ферзь кармалып калат.

Ломая — Холмов. 1. Л:e5! Ф:e5 2. Ф:b8! Каралар багынды. 2. . .c2+ 3. Кр:c2 Фc5+ 4. Крb3 Ф:b6да сактай албайт, себеби 5. Фc7!

Фюштер — Балог. 1. . .Фb2! жүрүшүнөн кийин ладьялардын бирөө жок болот, себеби 2. . .Ф:f2+ жана Ф:g2× байланыштуу 2. Фd1 деп жүрүүгө болбойт. Күтүүсүздөн ферзге ашыкча жүк жүктөлүп калды.

Свидерский — Маршалл. Ута ал-

байт, анткени 1. . .Ф : g2+ 2. Кр : : g2 Кe3+ 3. Крf3 А : d1 4. c4 журуштөрүнөн кийин ат капканга түшөт. Тайманов — Лисицындын мисалына окшоп, тактанын четиндеги аттын кыймылы кыйла төмөндөп калат.

V

А. Ринк. 1. Лh7+ Крg4 2. d7 Лd2 3. Лh4+! Крg3 4. Лd4! Тороп коюу! 4. . .Л : d4 5. Кe2+ жана К : d4 аркылуу жеңишке жетет.

А. Мэйсондун көрсөтмө мисалы. Антүүгө болбойт. 1. . .Лb2? Бул жүрүш сегизинчи горизонталды начарлатып салат. 2. Лd1 Фа8 (2... Л : c2 3. Л : d5 g6 4. a7 Ла2 5. Лd8+ жана а8Ф) 3. Фе4! Лb8 4. Лb1! c2 (4. . .Лf8 5. Ф : a8 Л : a8 6. a7!) 5. Л : b8+Ф : 68 6. a7 Фс8 7. a8Ф c!Ф 8. Фе8+! Рентген! 8. . . Ф : e8 9. Ф : e8×.

Шугаев — Севастьянов 1. . .Лс+! 2. Крb2. Эгерде 2. Кр : c1, анда кабатталган шах — 2. . .Са3++ кыйраткыч мүнөзгө ээ болуп кетет.

2. . .Cd4+! 3. А : d4 Лb1+! 4. Кра3 Фа5+. Актар багынды.

Цинн — Минев. 1. . .Са3+! 2. Кр : a3b4+! 3. Кра4 (3. С : b4 Фс1+! 4. Кра4 Кb6×) 3. . .Кb6+! 4. Кр : b4 Лb5+5. Кра3 Фс1+ 6. Сb2 Кс4+! 7. Кра4 К : b2+ 8. Кра3 Кс4++ жана Фа3×.

Толуш — Бакулин. 1. . .Л : c2! 2. Кр : c2 b3+3. Крd3 Ф : d5+ 4. Кре2 Фе4+ 5. Крf2 Сс5+ 6. Крg3 Лg8+ 7. Cg5fg 8. fg Фе3+ 9. Крg4 Лg6 10. Фh5f5+ 11. Крh4 Се7 12. g3 Ф : g5+! 13. Ф : g5 Лh6×.

Вейтман — Ходжа. 1. . .Фе1+! 2. Л : e1 Кf2+ 3. Крg1 К : h3+ 4. gh hg.

Чигорин — Консультанттар 1. hg+ Ф : g6 2. Лf5!! Кийинки 3. Лh5+ деп коркунуч түзүп 2. . . Крg8 3. Лf8+! олжосу менен. Эгер каралар пешканы албаса, анда 1. . .Крg8 кийин 2. Лf8 жана Фе4 —g4—h5 деп маневр жецет.

Тодорцевич — Жин. 1. К : h7! Кр : h7 2. Фh5+ Крg8 3. С : g6 Лf8 4. Фh+Крf8 5. Ch6! С : h6 6. Ф : h6+Фg7 7. Ле8+!

Мучник — Эстрин. 1. Лb3 Фа! (1. . .Ф : b3 2. С : g7 С : g7 3. f6) 2. f6 С : f6 3. С : g7! С : g7 4. Ch7+ Крh8 (эгерде 4. . .Кр : h7, анда 5. Л : a! С : a! 6. Лh3×) 5. Л : a! С : a! 6. Се4! Сg7 7. Лh3+ жана 8. Лh7.

МАЗМУНУ

Сөз башы 3
Мына ушул ажайып-кооз сыйкырдуу дүйнө 4
Практиктин чыгармачыл өнөрканасынан 11
Мат коюучу комбинациялар 20
Материалдык артыкчылыкка ээ болуу үчүн түзүлгөн комбинациялар 30
Тактикалык ар түрдүү ыкмалар 38
Боолголонго курмандыктар 62
Талдаганыңарды текшергиле 69

АЛЕКСАНДР НАФТАЛЬЕВИЧ КОБЛЕНЦ

РАССКАЗЫ О КОМБИНАЦИЯХ

(на киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Которгон *Ж. Жумалиев*
Редактор *Б. Осмонкулов*
Көркөм редактору *Ч. Абдраимов*
Тех. редактору *И. Лаврова*
Корректору *Ж. Бердикулова*

ИБ № 2838

Терүүгө 26. 11. 1985-ж. берилди. Басууга 6. 08. 1986-ж. кол коюлду. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арипи, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108 1/32. 2,25 басма табак. 3,15 шарттуу басма табак. 2,257 учеттук табак, 3,338 боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 64. Баасы 15 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.